№ 11 (24783) 2024-жылдын 13-февралы

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети

100

Кыргыз Туусу

1924-жылы 7-ноябрда негизделген

www.kyrgyztuusu.kg
e-mail: tuusu@mail.ru

ISSN 1694-6189

1924-жылдан 1927-жылга чейин «Эркин-Тоо» деген ат менен чыккан

1927-жылдан 1956-жылга чейин «Кызыл Кыргызстан» деген ат менен чыккан

1956-жылдан 1991-жылга чейин «Советтик Кыргызстан» деген ат менен чыккан

Иш сапарынын үзүрү алдыда



Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровдун 9-10-февралдагы Түркияга расмий сапары жемиштүү аяктады.

МинКаб башчысы алгач Түркиянын ири бизнес өкүлдөрү менен жолукту. Кыргызстанда ар түрдүү тармактарда түрк капиталы бар 300гө жакын компания иштээрин айткан Акылбек Жапаров Түркиялык подрядчылар Кыргызстанда буга чейин 70ке жакын долбоорду ишке ашыргандын белгилеп өттү. Ошондой эле жолугушууда Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүгө түрк компанияларынын менеджментин жана алдыңкы технологияларын, инвестицияларды тартууга кызыгуусун билдирди.

“Биз өлкөбүзгө болгон ишенимди арттыруу менен инвесторлорду тартууга багытталган чечкиндүү чараларды көрүп жатабыз, ачык бизнес жана инвестициялык климатты түзүүгө умтулабыз. Бул Кыргыз Республикасынын маанилүү артыкчылыктуу багыттарынын бири”, – деди ал.

(Уландысы 3-бетте)

Канаттуу ырларды жазган – Какен Алмазбеков



7-БЕТТЕ

Кыргыз жери сыймыгым



8-БЕТТЕ

Майнапсыз согуш, кыйылган өмүрлөр...



10-БЕТТЕ



«Кыргыз Туусу» гезитине чыккан макалалар, күндөлүк жаңылыктар, видеолор, жарнамалык материалдар менен

“kyrgyztuusu.kg” сайтынан жана

“Кыргыз Туусу” ютуб каналынан

тааныша аласыздар.

Учур маселеси

Мамкатчынын каты. Президенттин жообу

Мырзакат ТЫНАЛИЕВ,
“Кыргыз Туусу”

Президент Садыр Жапаровдун АКШнын Мамлекеттик катчысы Энтони Блинкендин 17-январдагы катына берген жообу коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурду. Анткени, ал биздин коомдогу, мамлекеттер аралык мамилелердеги олуттуу бир көйгөйдү ачыктады.
Мындагы эң маанилүү жана көңүл буруп койчу нерсе – бул жообу менен Мамлекет башчысы мурдагы президенттер ачык айта албай келгендерди гана ачыктады. Чындыгында, коомдо ансыз деле көшөгө артында айтылып келген бул көйгөйлөр качандыр бир убакта акыры ачык айтылышы керек болчу.



Кыргыздар менен кытайлар жөнүндө бир анекдот бар эмеспи. Кыргыз “Биздин 7 миллионго жетип калганыбызды” айтып мактанса, анда кытай: “Ушунчалык аз экенсиңер, баарыңар бири-бириңерди өңүңөрдөн тааныйт турбайсыңарбы”, – деген экен.

Анын сыңарындай, бизде, Кыргызстанда бир нерсени жашыруу кыйын. Атүгүл, ким кимдин тууганы, кимдин куда-сөөгү ким экени, байларыбыздын кимиси кантип акча тапканы, кайсы чиновниктерибиз кантип байыганы да көпчүлүккө маалым. Бирок, көпчүлүк учурда билмексенге гана салабыз. Мына ушундай билмексенге салган адатыбыздан улам отуз жыл ичинде өлкөдө коррупция гүлдөп, мамлекет кризиске кептелип калганы жашыруун эмес.

Азыркы бийлик коррупция менен катуу күрөшүп, коррупционерлер четинен кармалып, мыйзам чегинде жоопко тартыла баштаганда көрүнгөндөй, андайлардын айрымдары боюнча гана сенсация болгонун айтпаганда, көпчүлүгү ушундай болуп аяктай турганы элге түшүнүктүү экени да билинди.

Мына ушундай эле сөздөр өкмөттүк эмес уюмдар боюнча да эл оозунда дайыма көмүскө айтылып, ачыкталбай келген. Менин оюмча, азыркы Президент мына ошол нерселерди гана ачыктады жана АКШнын Мамлекеттик катчысына түз айтып бере алды.

Мыйзам долбоорунда ӨЭУлардын ички ишмердүүлүгүнө контроль жөнүндө сөз да жок. “Мыйзам долбоорунун максаты – Кыргыз Республикасында иштеген өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдардын ишин ачык-айкын кылуу жана тартипке келтирүү болуп саналат” (цитата).

Иш жүзүндө мындай ачык-айкындыктан биринчи кезекте өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдардын өздөрү үчүн жакшы болмок. Албетте, эгерде алар таза, мыйзамдуу иштешкен жана максаттары менен ниеттери кыргыз мамлекети үчүн түз болушса.

Президент баса белгилегендей, ушул мыйзамды кабыл алууда “Сөз кыргыз мамлекети өзүнүн статусуна ылайык ушул өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдарга акча каражаттары кайдан келип жатканын, аларды ким жана кайсыл максаттарга жумшап жаткандыгын көзөмөлгө алууга умтулгандыгы жөнүндө жүрүп жатат” (цитата).

Бул өңүттө мыйзам долбоорунун демилгечилери жана парламентарийлер жаңы нерсени ойлоп табышкан жок. Жоопто айтылгандай, “...кыргыз парламентинин депутаттары демилге кылган мыйзам долбоорунун концепциясы 1938-жылы АКШда кабыл алынган жана азыр да колдонулуп жаткан Чет өлкөлүк агенттерди каттоо жөнүндө мыйзамдын (Foreign Agents Registration Act, FARA) концепциясына жакын...” (цитата).

“Сылыктыкты талап кылуудан мурда өзүң сылык бол” деген макал бар. Президенттин жообунда ушул принцип камтылган. “Ондогон жылдардан бери чечилбей келген көйгөйлүү маселелер көп, бирок, бизде мамлекетибизди ылдам өнүктүрүп, мамлекеттик башкаруунун бардык системасын түп-тамырынан бери реформалап, бийликти эл алдында отчет бере тургандай кылабыз деген ниетибиз жана саясий эркибиз бар” (цитата).

Мындан көрүнүп тургандай, жоопто бийлик өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдардан эле отчет талап кылбастан, бийликти да эл алдында отчет бере тургандай кылуу ниетин жана саясий эркибиз бар экенин билдирип жатат. Муну менен Мамлекет башчысы мыйзам алдында баары бирдей деген принципти карматууга жетишүү багыты жөнүндө тастыктоодо.

Адатта, “шектүү шексинет” дегендей, иш жүргүзүүдө жашыруунун себептери бар өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдарды гана мындай талаптар кооптондурушу мүмкүн. Иштерин Кыргызстандын мыйзамдары менен ченемдик укуктук актыларынын талаптарынын негизинде жүргүзүп жаткан өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдарда мындайга негиз жок.

Баса, Президент С.Жапаров бул мыйзам менен өлкө бийлиги өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдардан эмнени талап кылып жатканын жана алардын эмне себептен “чочулап” жатканын да ачык айткан: “Биздин негизги талаптар:

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, анын ичинде Салык кодексинин ченемдери аткарылууга тийиш;

Өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишинин ачык-айкындыгы, алардын салык органдарынын алдындагы отчеттуулугу камсыз кылынууга тийиш.

Коомубуз, мамлекетибиз тигил же бул өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмду каржылоо кайсыл булактан жүрүп жатканын жана кандай максаттарга жумшалганын билиши керек.

Биздин аларга койгон талаптарыбыз ачык-айкын жана түшүнүктүү, муну коомубуз колдоп жатат, Кыргыз Республикасынын Конституциясына да, ошондой эле биздин эл аралык милдеттенмелерге да туура келет.

Бирок Кыргызстандагы “эркин ЖМК жана ӨЭУ” деген атты жамынгандардын өкүлдөрү мамлекеттик органдар демилге кылган чет өлкөлүк агенттер, жалпыга маалымдоо каражаттары, өкмөттүк эмес уюмдар жөнүндө мыйзам долбоорлоруна таптакыр каршы чыгышты.

Мыйзам долбоорлору Евросоюзга мүчө-мамлекеттердин жана АКШнын салык төлөөчүлөрүнүн каражаттарынын эсебинен каржыланып жаткан бир катар ЖМКлардын жана ӨЭУлардын катуу нааразычылыгын жаратты, себеби алар мамлекет тарабынан салыктык контроль болуп, көмүскө каражаттарыбыз ачыкка чыгып калат деп коркууда” (цитатанын аягы).

Жоопто мыйзам долбоорлору кайсы эл аралык укуктук ченемдерге жана жалпы таанылган принциптерге таяна тургандыгы да айтылган: “Сынга кабылган мыйзам долбоорлору кылмыштарды болтурбоо, адамдардын ден соолугун жана адеп-ахлагын сактоо, кадыр-баркын жана укуктарын коргоо максатында улуттук коопсуздуктун же коомдук тартиптин кызыкчылыгы үчүн зарыл болгон учурларда идеяларды, маалыматтарды алуунун жана таратуунун эркиндиги мыйзам менен чектелиши мүмкүн деген төмөнкү эл аралык укуктун ченемдерине жана жалпыга таанылган принциптерине таянат:

Адамдын укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо жөнүндө Европа конвенциясы (10-берене);

Адамдын укуктарынын жалпы декларациясы (29-берененин 2-пункту);

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (19-берененин 3-пункту жана 20-берене);

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (10-берене);

Жалпыга маалымдоо каражаттары жана адам укуктары жөнүндө Европа Кеңешинин Декларациясы (1970-жыл) жана башкалар.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгы менен адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн экендигин баса белгилейм (23-берененин 2-бөлүгү).

Башкача айтканда, бул укуктарда биз АКШдан же дүйнөдөгү башка мамлекеттерден айырмаланбайбыз (цитатанын аягы).

Президент С.Жапаров жообунда Энтони Блинкен мырзанын кооптонуусу эмнеден улам келип чыкканына карата өз оюн төмөнкүдөй билдирди: “Блинкен мырза,

Ошол эле учурда биздин ынак досубуз жана өнөктөшүбүз болгон Америка Кошмо Штаттарынын тышкы саясий ведомствосунун жетекчиси катары Сиз биздин өлкөдө иштеп жаткан айрым өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдардын туура эмес маалыматына ишенип алып мыйзам долбоору боюнча өзүңүздүн кооптонууңузду мага билдирдиңиз го деп ойлойм.

Тилекке каршы, бул Сизге биздин өлкөбүздөгү адамдын укуктары жана эркиндиктери, анын ичинде биригүү эркиндиги боюнча реалдуу кырдаал жөнүндө объективдүү пикирди түзүүгө мүмкүндүк берген жок.

Чындыгында өлкөбүздө көпчүлүк өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдар татыктуу жана ачык-айкын иштеп жатышат.

Алардын аз гана бөлүгү, чет мамлекеттерден каржыланып жаткан, курулай кыйкырганды билген бир ууч тобу жана алардын айрым өкүлдөрү гана өздөрүнүн грант берүүчүлөрүнө туура эмес маалыматтарды таратып жатышат” (цитатанын аягы).

Мамлекет башчысы “туура эмес маалымат бергендер чет өлкөлүк демөөрчү түзүмдөрдү адаштырып, АКШнын жана Евросоюз өлкөлөрүнүн салык төлөөчүлөрүнүн акчаларын жөн эле коротуп жатышканын” да белгилеген. Ушуга байланыштуу АКШнын өкмөттүк уюмдары каржылаган өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдарды жок дегенде соңку 10 жылдык финансы каражаттарын кандай жана кайда пайдалангандыгына аудит жүргүзүүнү сунуш кылды.

Президент С.Жапаров жооп катын: “Учурдан пайдаланып, урматтуу Блинкен мырза, Сизди өлкөбүзгө келип, Кыргызстанда адамдын укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен бекем корголуп жаткандыгын өз көзүңүз менен көрүп кетиңиз деп чакырам.

Кыргызстандан Сиз дайыма чыныгы досторду табасыз деп ишенем.

Ошондой эле биз тең укуктуу кызматташтыкты кубаттайбыз жана бардык өлкөлөр, эл аралык өнөктөштөр, анын ичинде АКШ менен да биргелешип иштөөгө даярбыз деп баса белгилейм.

Болгону, менин бир эле өтүнүчүм бар – өлкөбүздүн ички иштерине кийлигишпеңиздер”, – деп жыйынтыктаган.

Ошентип, Энтони Блинкенге жооп кат жазуу менен Президент бул мыйзам боюнча өз позициясын ачык билдирди. Ал коомчулук өкүлдөрү тарабынан да (албетте, айрым өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдарды эске албаганда) колдоого алынууда.

(Мамлекет башчысынын жооп каты боюнча айрым пикирлерди 3-беттен окуңуздар)

Боордоштук мамилелер

Темирбек АЛЫМБЕКОВ, «Кыргыз Туусу»

Иш сапарынын үзүрү алдыда

(Башталышы 1-бетте

Иш сапарынын алкагында кыргыз-түрк бизнес форумуна катышкан Акылбек Жапаров ишкерлер, эки өлкөнүн соода-экономикалык мамилелеринин негизги локомотивдери катары кызмат кылып жатканын айтып, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун тушунда кыргыз-түрк алакалары бардык тармактар боюнча жаңы баскычка чыкканын белгиледи. “Атап айтканда 2023-жылдын январь-ноябрь айларында Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы товар жүгүртүү 560,5 млн. долларды түздү. Муну менен бирге, Түркия 2022-жылы Кыргызстандын экономикасына эң ири инвестор болду жана Түркиядан кирген инвестициянын жалпы суммасы 341,6 млн. долларды түздү. Ал эми 2023-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча Түркия Кыргызстанга эң көп инвестиция салган 5 өлкөнүн катарына кирди”, – деди ал. Белгилей кетсек, 500гө жакын ишкерлер катышкан бизнес форумдун соңунда кызматташуу жана инвестициялык долбоорлорду биргелешип ишке ашыруу жөнүндө 8 Меморандумга кол коюлду.

***

Ушул күндөрү Анкарада Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосундагы Соода-экономикалык кызматташуу боюнча кыргыз-түрк өкмөттөр аралык комиссиясынын 11-жыйынын өттү. Алгач Түркия Республикасынын Анкара шаарына расмий сапар менен келген Кыргыз Рес-публикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровду Түркия Республикасынын Вице-президенти Жевдет Йылмаз Түркия Республикасынын Президентинин сарайында салтанаттуу азем менен тосуп алды. Атайын ардактуу кароол тизилди.

Жыйындын күн тартибине экономика, инвестиция, энергетика, өнөр жай, айыл чарба, транспорт, туризм, саламаттык сактоо, маданият, билим берүү жана башка багыттар боюнча кызматташуу маселелери кирген.

Отурумдун жыйынтыгы боюнча 62 пункттан турган Комиссиянын жыйынынын Протоколуна, Эл аралык унаа жолдору боюнча Макулдашууга жана Экспорт тармагында Меморандумга кол коюлду. Соода-экономикалык кызматташуу боюнча кыргыз-түрк өкмөттөр аралык комиссиясынын кийинки жыйыны келерки жылы Кыргыз Республикасынын аймагында өткөрүлө турган болду.

***

Мындан тышкары Акылбек Жапаров Соода-экономикалык кызматташуу боюнча кыргыз-түрк өкмөттөр аралык комиссиясынын 11-отурумунун жыйынтыгы боюнча Жалпыга маалымдоо каражаттарына билдирүү жасады.

“Түркия Кыргызстандын негизги соода жана инвестициялык өнөктөштөрүнүн бири болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын тышкы соода түзүмүндө өзгөчө орунду ээлейт. Биздин сүйлөшүүлөрдүн негизги темаларынын бири соода-экономикалык жана инвестициялык чөйрөлөрдө кыргыз-түрк кызматташтыгын мындан ары кеңейтүү болду”, – деди ал. Ошондой эле Комиссиянын кезектеги 11-отуруму Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайып Эрдогандын Кыргыз Республикасына боло турган мамлекеттик сапарын даярдык көрүү максатында өткөрүлүп жаткандыгын белгилеп өттү.

***

Акылбек Жапаров расмий сапарынын алкагында Түркия Республикасынын “ОСТИМ” биргелешкен өнөр жай аймагынын башкаруучу кеңешинин директору Орхан Айдын менен жолукту.

Маалыматка ылайык “ОСТИМ” биргелешкен өнөр жай аймагы 5 млн. чарчы метр аянтты ээлейт. Мында 6,5 миң чакан жана орто өнөр жай ишканалары жайгашып, анда 65 миң адам эмгектенип, 139 багытта иш алып барат.

МинКаб Төрагасы Акылбек Жапаров Кыргызстан “ОСТИМ” өнөр жай аймагынын тажрыйбаларын алууга жана түрк ишкерлеринин иш жүргүзүүсүнө өлкөдө бардык инфраструктура даяр экенин билдирди.

Акылбек Жапаров “ОСТИМ” кесиптик техникалык окуу жайына да барды. Окуу жайдын өзгөчөлүгү студенттер окууну аяктаары менен жумуш менен камсыз болот. Анткени “ОСТИМ” биргелешкен өнөр жай аймагындагы ишканаларга керектүү адистерди даярдайт. МинКаб Төрагасы Акылбек Жапаров энергетика жана IT-технология тармактарында адистерди биргеликте даярдоо сунушун киргизди.

***

Расмий сапарынын алкагында электрондук коммерция боюнча “Trendyol” логистикалык борборунун ишмердүүлүгү менен таанышып, көрүп чыккан МинКаб Төрагасы Акылбек Жапаров “Trendyol” логистикалык борборунун өкүлчүлүгүн Кыргызстандын Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун аймагына ачууну жана өлкөдө онлайн соода жүргүзүү ишин жандантууну карап чыгуу тапшырмасын Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрине берди. Белгилей кетсек, “Trendyol” Түркиядагы эң ири онлайн соода жүргүзгөн компания, мында 18 млн. товардын түрү бар. Күнүнө дүйнөнүн 30 млн.дон ашуун сатып алуучуларын тейлейт.

***

Акылбек Жапаров Түркия Республикасынын “Battal Holding” фармацевтикалык компаниясынын жетекчиси Мехмет Берат Баттал менен да жолугуп, компаниянын ишмердүүлүгү менен таанышты.

Мехмет Берат Баттал Кыргызстандын аймагында компаниянын заводун ачууга жана андан ары Кыргызстан менен коңшулаш мамлекеттерге экспортко чыгууга даяр экенин билдирди.

Өз кезегинде Акылбек Жапаров Бишкек шаарынын аймагынан завод курууга жер бөлүп берүүгө, салык жана электр энергия жагынан жеңилдиктерди берүү сыяктуу ар тараптуу кызматташууга кызыкдар экенин айтып, компания жетекчилигин Кыргызстанга келип кетүүнү сунуштады.

Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында Инвестициялар боюнча улуттук агенттик менен Түрк фармацевтика жана сыворотка өнөр жай акционердик коомунун ортосунда өз ара түшүнүшүү жана кызматташуу жөнүндө меморандумга кол коюлду.

Белгилей кетсек, “Battal Holding” компаниясы фармацевтикалык каражаттарды чыгарат. Компаниянын капиталы 21,2 млн. доллар.

Үн кошуу

Президенттин Энтони Блинкенге берген жообу боюнча пикирлер

Токон МАМЫТОВ, коомдук ишмер:

Ачык жооп бергени туура болду



– Мен АКШнын мамлекеттик катчысы Энтони Блинкендин бул жакка жазган каты менен тааныша алган жокмун. Бирок, өлкө башчысы Садыр Жапаровдун жообун анализдеп карай турган болсок, аны бир нече бөлүккө бөлүүгө болот. Биринчиден, катта 1999-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамынын тарыхы, анын азыркы абалы жана кандай максат менен ага өзгөртүүлөр киргизилип жатканы айтылыптыр. Бул, менимче өтө туура. Себеби, бул мыйзам боюнча адамдардын баарында эле жеткиликтүү маалымат жок. Ошондой эле Президенттин жообунда бейөкмөт уюмдарды чет өлкөлөр, чет өлкөлүк уюмдар каржылап жаткан соң ошол каржы кайсыл долбоорго кетип, эмнеге жумшалып, кайсыл багытта пайдаланылып жатканын мамлекет көзөмөлдөөнү көздөп жатканы көргөзүлгөн. Бул да абдан туура болгон.

Экинчи дагы бир жакшы нерсе, Президенттин өкмөттүк эмес уюмдардын баарын эле бир беткей “грант жегич” дебей, өлкө үчүн иштеген, өкмөт, жергиликтүү бийлик күчү жетпеген жактарды көтөрүп жаткан бейөкмөт уюмдардын бар экенин баса белгилегени болгон. Ошону менен бирге эле айрым саясат менен ашыкча алектенген уюмдардын долбоорлору, каржы маселелери ачык-айкын болуп, кыргыз мыйзамдарына, Салык кодексине каршы болбосун дегени да туура. Анан 1938-жылы АКШда кабыл алынган жана азыр да колдонулуп жаткан чет өлкөлүк агенттерди каттоо жөнүндө мыйзамдын кыска белгиленип кеткени да жөндүү болуптур. Анан кыргыз бийлигинин азыр эмне кылып жатканы жана келечекте эмне иш кылары тууралуу айтылганы дурус болгон.

Болгону Энтони Блинкен, тагыраак айтканда, АКШнын тышкы иштер министри. Ошондуктан Президент өзүнүн даражасын түшүрбөй, паритетти сактап, Блинкенге Кыргызстандын тышкы иштер министри же Мамлекеттик катчысы эле жооп берип койсо туура болмок. Себеби, биз дагы өз Конституциясы, эли, жери, герби, туусу бар көз карандысыз мамлекетпиз.

А негизи мындай маселелер ачыкка чыкпай чечилчү. Бирок, бул жерде алар өздөрү биринчи ачык кат жолдоп жаткандан кийин биз тарап да ачык жооп бергени туура болду деп эсептейм.

Клара АЖИБЕКОВА,
Философия илимдеринин доктору, профессор:

Мамлекет кыраакылыкты көрсөтүүсү керек



АКШнын мамлекеттик катчысы Э.Блинкенге Президент Садыр Жапаровдун берген жообун окуп чыккандан кийин өз пикиримди билдирүүнү туура көрдүм. Мен дегеле Кыргызстандын эгемендүү тарыхында жарандык коомго кымындай да кысым жасалган фактыны көрө элекмин. Анткени, илгертен кыргыз элинин өзөгүндө ачык айтып, ак сүйлөгөндү жактырган, демократиялык плюрализмди, өз ара диалог менен иштөөнү туу туткан касиет бар.

XXI кылым жаңы технологиялар менен санариптештирүүнүн заманы. Ага карата ар бир кыргызстандык жаран өз кирешесин жашырбай салыктарды, социалдык төлөмдөрдү коомго ачыктап, өлкөнүн өнүгүшүнө атуулдук салымын кошуп келишет. А бирок нечен жылдан бери өлкөдө ишмердүүлүк жүргүзүп жатышкан өкмөттүк эмес (коммерциялык эмес) уюмдардын жетекчилери сырттан келген гранттарды өздөрүнүн бизнесине айлантып алган учурлар бар. Алардын жетекчилери өзүнүн бала-чака, туугандарын уюмга мүчө кылып алышып, гранттык акчаларды жеке кызыкчылыктарына колдонушканы тууралуу медиа каражаттары далай жолу жазышты. Грант берүүчүлөр өздөрү да мына ушулардын финансылык ишмердүүлүгүнө тыкыр иликтөө жүргүзүшсө, абдан туура болот деп ойлойм.

Анын үстүнө гранттык каражаттар АКШ же Евробиримдиктен эле келип жаткан жок. Башка өлкөлөр да берип жатышат. Бирок, ал каражаттар кандай максатта колдонулуп жатканын билүү мамлекет үчүн өтө маанилүү болуп калды. Себеби, 30 жылдан ашык мезгилдин ичинде өлкөдө бир нече жолу коогалаңдуу окуялар болуп кетти. Бүгүнкү күндө Президент, Парламент жана Министрлер Кабинети калктын коопсуздугун коргоо үчүн өзгөчө кыраакылыкты көрсөтүшү керек.

Аскар МЕДЕТОВ,
филология илимдеринин кандидаты, доцент:

Өлкөнүн коопсуздугу өйдө турат

Ааламдашуу процесстери, анын ичинде ички жана тышкы миграция, демография маселелери улам тереңдеп, мамлекеттер ортосундагы саясий-экономикалык мамилелер канчалык чырмалышкан сайын, дүйнө да күн санап




өзгөрүп, эл аралык мамилелерге таасир тийгизүүдө. Супердержавалардын доору бүтүп баратат.

Бирок да, айрым өнүккөн мамлекеттердин жетекчилиги муну эсепке албай, мурдагыдай эле “аталык” образынан чыга албай, башка өлкөлөрдүн ички ишине ыгы жок эле кийлигишүү саясатын улантып жаткандай. Мен АКШнын Мамлекеттик катчысы Энтони Блинкендин катын ошондой эле кабыл алдым.

Ал эми Президент Садыр Жапаровдун ага берген жообу колдоого арзыйт. Мамлекет башчысы АКШ Мамлекеттик катчысынын катында биздин мамлекетибиздин ички иштерине кийлигишүүнүн белгилери бар экендигин белгилөө менен, “адилеттүүлүккө жана эркиндикке умтулуу биздин элибиздин канында бар” экенин туура белгилептир.

Кыргызстан кандай мыйзам кабыл алат, кайсы мыйзамдарга өзгөртүү, толуктоо киргизет бул биздин жеке ишибиз эмеспи. Эмне үчүн бул маселе башка мамлекеттердин кооптонуусун жаратышы керек. Мында алардын кандай кызыкчылыктары болушу ыктымал!? Бул Энтони Блинкен мырза кооптонгон “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (“Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун да тиешелүү деп ойлойм.

Президентибиз аталган мыйзам долбоорунун максаты – Кыргыз Республикасында иштеген өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдардын ишин ачык-айкын кылуу жана тартипке келтирүү экендигин билдирген экен. Абдан туура. С.Жапаров белгилегендей, учурда өлкө аймагында он миңдеген өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдар бар. Алар алган максаттарына жараша азбы-көппү ар кандай жумуштарды аткарып жатат. Мында маселе жок. Бирде маселе чет мамлекеттерден, анын ичинде АКШдан жана Евросоюз өлкөлөрүнөн гана эмес, башка өлкөлөрдөн да каржыланган айрым бир өкмөттүк эмес/коммерциялык эмес уюмдар акча каражаттарын кайдан алып, аларды ким жана кайсыл максаттарга жумшап жаткандыгында. Муну мамлекет көзөмөлгө алса эмнеси жаман? Себеби, ал түздөн түз болбосо да, кыйыр түрдө өлкөнүн коопсуздугу менен байланышкан. Ал эми өкмөттүк эмес уюмдардын тар кызыкчылыктарынан өлкөнүн коопсуздугу өйдө турат деп ойлойм. Демек, Президенттин позициясы колдоого татыйт.



Саамалык

Мамлекет үй курат, үйсүздөр үйлүү болушат

Белгилүү себептерден улам, акыркы 33 жылда турак-жай рыногунда жеке курулуш компаниялары үстөмдүк кылып, калкты турак-жай менен камсыздап келгени эч кимге жашырын эмес. Рынок экономикасына өтүүнүн оор жылдарындагы жеке компаниялардын калкты турак-жай менен камсыздоодогу ордун жана ролун тана албайбыз. Ошондой болсо да, алар курган турак-жайлар өтө эле кымбат болгондуктан, турак-жайга муктаждардын баары эле ал үйлөрдү алууга мүмкүн болбогонун жана калктын турак-жайга болгон муктаждыгын толугу менен чече албаганын да белгилеп коюуга тийишпиз.

Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ, "Кыргыз Туусу"

Экинчиден, ошол эле учурда айрым жеке курулуш компанияларынын ишмердиги болуп көрбөгөндөй башаламандыктар, өзүм билемдиктер – мыйзамсыздыктар жана алдамчылыктар менен коштолду. Өзгөчө акыркы он жылда жүздөгөн жарандарыбыз миллиондогон каражаттарын турак жай кооперативдерине, курулуш фирмаларына алдатып, же үйдөн жок, же акчадан жок, үнү Кудайга жете зарлап калганы кадыресе көрүнүшкө айланды.

Ушундан улам, мамлекет жарандарды арзан турак жай менен камсыздоо, ипотекалык насыялоо жана эконом-класстагы турак жай курулуш секторуна финансылык ресурстарды тартуунун узак мөөнөттүү туруктуу механизмдерин ишке ашыруу үчүн Мамлекеттик ипотекалык компаниясын түзгөн болчу.

Буга чейин аталган мамлекеттик мекеме тарабынан суммасы 15,8 млрд. сомдук 9346 насыя берилди. "Арзан турак жай 2015-2020" программасы иштеп, анын алкагында 2079 бюджеттик чөйрөнүн, 295 жеке чөйрөнүн, 720 саламаттык сактоо тармагынын, 120 маданият тармагынын, 1536 билим берүү тармагынын, 96 социалдык чөйрөнүн өкүлүнө, 584 жабыркаган кишилерге, жалпысынан 5430 кишиге 6 616 977 873 сом суммада ипотекалык насыялар берилген.

Учурда "Менин үйүм 2021-2026" программасы иштеп жатат. Анын алкагында 3 916 кишиге 9 млрд. сомдон ашуун суммада ипотекалык насыялар берилип, иш улануууда.

Бүгүнкү күндө МИК үч багытта ипотекалык насыяларды берет. Жеңилдетилген ипотека бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлерине баштапкы төлөмсүз, жылдык 4% менен 25 жылга чейин берилсе, социалдык ипотека: көп балалуу үй-бүлөлөргө, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жарандар жана алардын камкорчуларына, айыл жергесинде жашаган жаш адистерге, жалгыз бой ата-энелерге баштапкы төлөмсүз, жылдык 4% менен 25 жылга чейин берилет. А арзан ипотека жеке чөйрөдө иштеген жарандарга баштапкы төлөм 10%дан кем эмес, жылдык 8% менен 25 жылга чейин берилет.

Жеңилдетилген ипотекага – 13 915, социалдык ипотекага – 1 298, арзан ипотекага – 3 753 киши, жалпысынан 18 966 киши кезекте турат. Бир сөз менен айтканда, МИК ипотека рыногун өнүктүрүү, калктын турак жай алуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу, коомдун өркүндөшү жана калктын жашоо деңгээлинин жогорулашы үчүн турак жай менен камсыздоо жаатындагы социалдык милдеттерди аткара алды.

Президент Садыр Жапаров үстүбүздөгү жылдын 30-январында кол койгон "Мамлекеттик турак жай саясаты чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн турак жай менен камсыз кылуу жана турак жай куруу механизмдерин андан ары өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" жарлыгы аталган мекеменин алдына жаңы милдеттерди коет. Мындан ары мамлекет жарандарды турак жай менен камсыз кылуу тармагына активдүү аралашып, массалык түрдө үй кура баштайт. Жарлыкка ылайык, КРнын жаранына, анын ичинде өлкөбүздөн сырткары жерде иштеп жүргөн (мигрант) жарандарга "Үлүштүк куруу" механизми аркылуу турак жай алуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Коомчулук тарабынан Президенттин жарлыгы жылуу кабыл алынып, кызуу талкууланып жатканы бекеринен эмес. Себеби, МИКтин кезегинде тургандар социалдык же арзан турак жайга муктаж адамдардын жалпы санын толук чагылдырбай тургану, калк арасында турак жайга муктаж жарандарыбыз алда канча көп экени айтпаса да түшүнүктүү.

Жарлык "Менин үйүм 2021-2026" турак жай программасын ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасында турак жай курулуун көлөмүн көбөйтүүгө, анын наркын төмөндөтүүгө, турак жайды каржылоо, ипотекалык кредит берүү шарттарын жакшыртууга жана өз алдынча турак жай шарттарын жакшыртууга жөндөмдүү жарандардын санын көбөйтүүгө багытталганы белгиленген.

Мамлекет башчысы социалдык баракчасы аркылуу элди социалдык батирлер менен камсыз кылууну жөнгө салууга багытталган жаңы Жарлыктын максаты тууралуу: "Буга чейин батирлерди мамлекеттик кызматкерлерге Мамлекеттик ипотекалык компания аркылуу узак жылдарга берип келген болсок, эми мындан ары бардык жарандарды – мигранттар болобу, базарда иштегендер болобу же башка тармактарда болобу, айтор, бардык катмарды камсыз кылганга аракеттерди баштадык.

Биз азыркы убакта кезекте турган мамлекеттик кызматкерлерге 20-25 жылга чейинки мөөнөткө ипотекалык үйлөрдү берип жатабыз.

Эми мындан ары мүмкүнчүлүгү бар жарандарыбыз үлүштүк катыш менен батир ала алгыдай шарттарды түздүк. Мисалы, жарандар батирдин жарым баасын алдын ала төлөп, калган жарым баасын 10-15 жылга чейин ипотекалык шартта төлөө менен ала алышат.

Батирдин жарым баасын төлөгөндөн кийин бир же эң көп дегенде эки жылда өз батирине ээ болуп, кирип жашоого мүмкүнчүлүк алышат. Менин МИКке койгон талабым ушундай!

Бүгүнкү күндө үйлөрдү массалык түрдө курууга мамлекеттин күчү жетпей жатканын ачык айтышым керек. Бир убакта бардык жарандарга: мейли мамкызматкерби, же жөнөкөй жаранбы бирдей шарттар менен 20-25 жылга алдын ала төлөмү жок эле батир берген мезгилге да жетебиз. Сабыр кылып туруңуздар.

Жер там салып туурасынан эмес, көп кабаттуу турак үйлөрдү куруп, бийиктикке карай өсүшүбүз абзел. Кыргызстан – тоолуу өлкө. Ансыз да түздүк жерлерибиз аз. Дүйнөдө адам саны өсүп, жер тарып баратканы баарыбызга маалым.

Тамак-аш коопсуздугубузду жана келечек муунду да ойлойлу" деп түшүндүрмө берди.

Учурда "МИК" ААК программасы боюнча, Бишкек шаарында жалпысынан 6219 батир курулуп жатат. Мындан тышкары, Ош шаарында – 5 178, Жалал-Абадда – 2 миңден ашуун, Нарында – 216, Талас-та – 504, Чолпон-Атада – 4986, Караколдо – 4986 батир, Баткенде 76 там курулууда жана жакын арада курулуп башталат. Негизинен 2026-жылга карата 23 миң батир куруу пландалган.

Президенттин жарлыгы турак жайга муктаж жүздөгөн, миңдеген жарандарыбыздын үмүтүнө от жагып, жарандарды турак жай менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү олку-солку абалды толугу менен калыбына келтирет, калктын үйгө болгон муктаждыгын жакынкы жылдарда толугу менен болбосо да, жарым-жартылай чечет деген ойдобуз.

Ток этери

Гемодиализ борбору ачылат

Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун базасында гемодиализ борбору курулат.

Саламаттык сактоо министри Алымкадыр Бейшеналиев Кувейттин «Ас-Сафа» кайрымдуулук фондунун негиздөөчүсү Мухаммад Абдурахман Аль-Шая менен балдар ооруканасына барды. Анда министр 1995-жылдан бери курулушу бүтпөй турган 11 268 чарчы метрлик үч кабаттуу имарат тууралуу сөз кылды. Ошондой эле, имараттын курулуш иштери бүтүп калса, Гемодиализ борборунан тышкары эндокринология, нефрология жана башка бөлүмдөрдү жайгаштырууга да мүмкүн болорун белгиледи.

Жолугушуунун жыйынтыгында фонддун жетекчиси курулуш иштерин жана борборду заманбап жабдуулар менен камсыздоону каржылай турганын айтты.

Белгилей кетсек, оорукананын аймагындагы үч кабаттуу имарат дээрлик 30 жылдан бери бүтпөй турган.

Уланбек Эгизбаевди эскеришти

Кочкор районунун Көк-Жар айылында белгилүү журналист Уланбек Эгизбаевди эскеришти. Уландын көзү тирүү болгондо, 12-февралда 34 жашка чыкмак.

Эскерүү кечеге У.Эгизбаевдин апасы Жыпаркүл Сариева, Жогорку Кеңештин депутаттары, "Азаттыктагы" кесиптештери, санаалаштары, жакындары жана айыл тургундары катышты.

"Азаттыктын" жамааты Уланбек Эгизбаевдин мектебинин китепканасына китептерди тапшырды. Мындан сырткары, Көк-Жар айылында Уландын жаркын элесине арналган футбол боюнча турнир өттү.

У. Эгизбаев 2018-жылы 22-июлда Ысык-Көлдө көз жумган. Ички иштер министрлиги соттук-медициналык экспертизанын жыйынтыгына таянып, журналист сууга чөгүп каза болгонун жарыялаган. Ал кезинде ар кайсы тармактардагы коррупция тууралуу иликтөөлөрдү жасап, эл оозуна алынган.

Катар катары менен чемпион болду

Катарда болуп өткөн футбол боюнча Азия кубогунун финалдык беттешинде Катардын курама командасы Иордания курамасын 3:1 эсеби менен жеңип, мелдештин чемпиону болду. Катар курамасы ушу менен экинчи жолу катары менен Азия Кубогун утуп жатат.

Лусаил шаарындагы 80 миң кишилик «Лусаил» стадионунда өткөн беттеште Катардын чабуулчусу Акрам Афиф үч голду (22-73-95-мүнөттөрдө) пенальтиден киргизсе, иорданиялыктардын катарынан Язан Аль-Наймат (67-мүнөттө) бир гол киргизди.

Катар курамасы бул мелдеште атаандаштарынын дарбазасына 14 гол киргизип, мелдештеги бардык беттештерин утту. Чабуулчусу Акрам Афиф сегиз голу менен Азия Кубогунун мыкты чабуулчусу болду. Катардын дарбазачысы Мешаал Баршам мелдештин «мыкты дарбазачысы» деп табылса, Катар курамасына таза оюн көрсөткөнү үчүн Fair Play сыйлыгы ыйгарылды.

Катар буга чейин 10 жолу Азия Кубогуна катышып, 2000-2011-жылы мелдештин чейрек финалына жеткен. 2019-жылы өткөн Азия Кубогундагы финалдык беттешинде Катар Жапония курамасын 3:1 эсеби менен утуп, чемпион болгон. Азия кубогу төрт жылда бир болот. Кийинкиси 2027-жылы Сауд Арабиясында өтөт.

Кыргызстан Кореядан 27 млн. доллар насыя алат

Өткөн жылы «Республикалык клиникалык инфекциялык оорукананын функционалдык абалын жакшыртуу» долбоору боюнча КР министрлер кабинети менен Кореянын Экспорттук-импорттук банкынын ортосунда келишимге кол коюлган.

Аталган келишимдин негизинде, алынган насыя – жугуштуу оорулар ооруканасын кеңейтүүгө, аны заманбап медициналык жабдуулар менен камсыздоого жумшалмакчы. Ошондой эле медициналык кызматкерлерди аны колдонуугa үйрөтүү, көрсөтүлүүчү медициналык кызматтын сапатын жогорулатуу жана ооруканa ичиндеги инфекциялардын алдын алуу иштери жүргүзүлмөкчү.

Кредиттик макулдашуунун шарттарына ылайык, корей тарап корей вонунда 27 млн. АКШ долларынын эквивалентинен ашпаган суммада, 40 жылдык кайтаруу мөөнөтү, 10 жылдык жеңилдетилген мөөнөт менен кредит берет, жылдык пайыздык чен 0,1% жана тейлөө акысы – ар бир төлөмдүн суммасынан 0,1%.

Жөлөк пулдун өлчөмү көбөйтүлдү

Аксы районунда 2002-жылдын 17-18-март окуяларында курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүнө жана жабыр тарткандарга социалдык төлөмдөрдүн өлчөмү көбөйтүлдү.

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин берген маалыматына таянсак, алар көбөйтүлгөн жөлөк пулду 2024-жылдын 5-февралынан тартып ала башташат. «Жөлөк пулдун өлчөмү 3700 сомдон 4500 сомго жогорулады. Кошумча жөлөк пулдун бул түрүн алуучуларга 2023-жылдын 1-сентябрынан тартып кайра эсептөө жана төлөө жүргүзүлөт», – деп айтылат маалыматта.

Анара АРЗЫБАЙ кызы, "Кыргыз Туусу"

Айтматов ааламы

“Сакадай бою сары алтын” китеп

Жакында Кыргызпатент тарабынан Чыңгыз Айтматовдун 95 жылдыгына карата чыгарылган, жазуучунун карындашы Роза Айтматова менен жээни Асан Ахматовдун “Адам түбөлүктүүлүгү эстутумда” аттуу китебинин бет ачары өттү.



Роза эже менен Асан жазган диалог-эскерүү китебине жазган баш сөзүнө саясий илимдердин доктору, профессор Жолборс Жоробеков “Биз билген жана билбеген Айтматов” деп жакшы ат коюптур. *(Мен дагы Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде ушундай тема коюп, долбоор баштадым эле).*

Ооба, бүгүн бардыгыбыз ушул теманын алдында баш кошушубуз керек деп ойлойм, анткени “Биз билген жана билбеген Айтматовду” ачып берүү деген чоң милдет мойнубузда турат.

24-январда Кыргызпатент китебин чыгарып, бет ачарын өткөргөн Роза Айтматова менен Асан Ахматовдун китеби бул багыттагы иш-аракеттердин алгачкыларынын бири жана эң баалуусу.

Китептин өзгөчөлүгү, артыкчылыгы эмнеде? Окурмандарга таанытуу максатында ушул багытта азыноолак кеп кылайын.

Бул китеп кичинекей, жука болгону менен кыргыздар айтмакчы “сакадай бою сары алтын”. Анткени китептеги эскерүүлөрдү Чыңгыз агабыздын эң жакын адамдары, бири – бир уяда чоңоюп, өмүр бою жанында жүргөн карачечекей карындашы, экинчиси болсо – кенедейинен таякесинин тизесинде эркелеп чоңойгон, таякесин ар кыл шартта жакындан көргөн, билген, өзү да таякесиндей чыгармачылык жөндөмгө, аналитикалык акылга эгедер бир тууган жээни, жазуучу Асан Ахматов, дагы тактап айтсак, экөө тең – биринчи маалымат булактары.

Китеп жайдары маанайда, чай үстүндө маектешип отуруп жазылган. Асан мырза эжеге суроолорун берип, таяжесинин эстутумун ишке салуунун аракетинде. Кезек-кезеги менен өзү да эсине келген маалыматтарды “ыргытып” коюп, аңгемедүкөндүн кызышына “чок” таштайт.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы эң өзөктүү маселелердин бири жана олуттуусу да экология маселеси экендиги бардыгына маалым. Ушуга байланыштуу бул эскерүү китебинде Чыңгыз агай менен анын келини Розалия Жаманкуловна Жээнчороева – чалгынчы геолог *(Ильгиз агайдын жубайы)* экөөнүн ортосундагы *(СССР кезиндеги)* бир маек эскерилет. Анда экспедициядан тоолордогу пайдалуу кендердин жатагын изилдеп, ийгилик менен келген Розалина эжеге:

“ – Ии, ошондо сен картаңа канча чекит койдуң?” деген суроо коет Чыңгыз агай, анан бир саамга ойлонуп туруп: ”Розалин, уксаң, сен ошол белгилериңди картаңа койбой эле коё аласыңбы?” деген суроо берет. Келини антүү мүмкүн эмес экенин, бул мамлекет үчүн маанилүү иш экенин айтканда: ”Ооба, бул өтө маанилүү жумуш экенин түшүнөм. Бирок силер ал кендерди иштете баштасаңар, мамлекет баарын казып алып, алтынды Москвага ташып кетет, ал эми жергиликтүү элге зыянынан башка эч нерсе калбайт. Алар биздин тоолорду талкалап таштайт. Элдер ал жерлерде кылымдап жашап, малын багып, абасынан дем алып, суусун ичип келатышат. Ошол тең салмактуулук бузулуп калат да, тоолорду бузганга болмок беле? Канча муун өттү, Ысык-Көл менен биздин көк мелжиген тоолорубуз кийинки муундарга калды го. Дайыма ошондой болуш керек...” ***(“Адам түбөлүктүүлүгү эстутумда. Б.: 2023, 14-б.)***

Мынакей, Чыңгыз Төрөкуловичтин ишеними. Ал жогорудагы пикири мамлекеттик саясатка каршы келерин түшүнүп жатат, бирок ошол эле мезгилде Адам жана Табият гармониясына чыккынчылык кылгысы жок! Ооба, Чыңгыз Айтматов үчүн экологияны сактоо дайыма №1 орунда турган.

1994-жылы агай Люксембургда элчи болуп иштеп жатканда адабиятчы А.Акматалиевдин жеке демилгеси менен Анкара шаарында “Айтматов жумалыгын” өткөрүп калдык. Агай Люксембургдан келди. Анкара университетинде агайдын чыгармачылыгына арналган илимий конференция өттү. Ошондо агай экология боюнча ой бөлүшүп жатып мындай дегени эсимде: “Европа, Америка мамлекеттеринде экологияга эми гана көңүл бурулуп жатат. Биздин кыргыз элибизде бул маселе абалтан бери эле негизги маселе катары жашап келет. Жаратылышка зыян келтирүү чоң кылмыш катары жазаланган. Биздин элдик эпосторубуз ”Кожожаш”, ”Карагул ботом” ушул жөнүндө. Анан да элдик “Айтым” ыры бар (агай андан мисал келтирди). ”Кыргыз эли бардык тапкан-ташыганын жер макулуктары менен тең бөлүшкөн, жаратылышка эч залал келтиришкен эмес”. Чыңгыз агай азыркы мезгилде жаштар бир аз андай болбой баратканына кейип, минтип айтты эле: ”Азыр ар бир даректын түбүнө кароолчу коё албайсың, кароолчу ар бир адамдын өзүндө болушу керек”. Чыңгыз агай жогорудагы сөздөрү менен бир эсе байыркы кыргыз элинин акылмандуулугун, гумандуулугун көкөлөтүп дүйнө элине даңазалап жатса, экинчиден, жаратылышка аяр мамиле жасоо ар бир адамга парз экенин эскерткен.

Чыңгыз агай жашоосунда адамдарга, эгемендикке жеткен жаш кыргыз мамлекетине биз билип-билбеген көп эле иштерди жасады, алар тууралуу сөз кылбай келебиз. Айрым бир түркөй замандаштарыбыз көр пенделик кылып, “Чыңгыз Айтматов жазгандан башка элине эмне кылып коюптур” деген көз карашта жүрүшкөнүн кээде угуп да калып жүрөбүз. Ооба, ал киши айрым бир адамдар сыяктуу эл үчүн кылган эмгегин шардана кылып айта бербесе да, көп эле ишке көмөк көрсөткөн экен.

Аталган китепте Роза эже алардын айрымдарын эскерген. Мисалы,”Бакайдын жайыты” кинофильмин тартууга борбор уруксат бербей Төлөмүш Океев баш болгон бир топ киночулардын шаабайы сууп келе жатышканда (Москвада) алардын алдыларынан чыккан Ч. Айтматов жагдайды угуп, ошол замат тиешелүү адамдарга айтып, фильмдин тартылуусуна көмөк көрсөтөт. Дагы бир учур. Кыргыз элинин таланттуу уулу С.Чокморовдун ден соолугу начарлап, бөйрөгүндөгү канды тазартууга Кыргызстанда аппарат жок кезде актер гемодиализ үчүн Москвага барып жүргөн экен. Бул жагдайды уккан Чыңгыз агай Турдакун Усубалиевге кирип, гемодиализ аппаратын Кыргызстанга сатып алууну суранат. Ошол учурда кудай жалгап, СССРдин саламаттык сактоо министри Чазов (мурда ал Л.И.Брежневдин жеке врачы болгон) Кыргызстанга келип калып, бул маселе оңунан чечилет. Биздин республикага “Гамма”деген швед аппараты сатылып алынып, анын аркасы менен Сүймөнкул Чокморов дагы он жыл, б.а., 1992-жылга чейин жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон экен. Бул ишти Роза эженин эскерүүсү болбосо кайдан билмекпиз...

Эми мен өзүм күбө болгон агайдын дагы бир эмгегин эскере кетейин.

Жогоруда эскерип өткөн Түркия күндөрүнүн биринде агайды Түркиянын президенти Сулейман Демирель кабыл алмай болуп калды. Агай келгендигинин урматына бардыгыбызды Анкаранын эски тарыхый мейманканасы “Анкара Паласка” орноштурушкан. Эртең мененки тамактануу маалында ал кездеги Кыргызстандын Түркиядагы элчиси Төлөмүш Океев “Чыкемди бүгүн кудай жалгап президент кабыл алмай болду. Түркия Кыргызстанга гумжардам катары берүүнү убада кылган баланча тонна (азыр эсимде жок) эгинди ушу убакка чейин бербей келет. Алтымышка чыкканда атаңдын алдап-соолап күчүн ал дейт эмеспи. Чыкеме ушул маселени Демирелге айтып, чече келиңиз дейин” деп каткырып калды. Айтканындай эле агай тамактануу келгенде жанагы өтүнүчүн айтты. Ошол ошол болду. Чыңгыз агай жолугушуудан келгенде, эгин маселеси жакынкы аралыкта чечилерин айтты. Ошентип Түркия тез арада эле баягы убада кылган гумжардамын бергени тууралуу маалымат уктук. Бул иштин аткарылышынын аркасында Чыңгыз агайдын турганын ал кезде ким билди? Түркиядагы Кыргызстандын элчилиги тарабынан аткарылган болду да калды.

Албетте, Ч.Айтматовдун бул сыяктуу иштери көп эле болсо керек. Мезгилдин өтүшү менен алар дагы да эскерилээр, айтылаар... Эң башкысы Чыңгыз Төрөкул уулу өзүнүн улуу таланты менен кыргыздарга эле эмес, дүйнө элине түгөнгүс руханий күлазык калтырып, адамзатты гумандуулукка, абийир-ыйманга, ынтымакка, тынчтыкта өнөктөш болуп жашоого, күндө кыйын болсо да адам болууга чакырып, кыргыз элинин улуулугун ар бир чыгармасында көкөлөтүп даңазалап өттү го, дагы бизге эмне керек!

“Адам түбөлүктүүлүгү эстутумда” китебинде Чыңгыз Айтматов тууралуу абдан кызыктуу, маанилүү маалыматтар толтура. Алар залкар жазуучубуздун адамдык, жазуучулук бейнесин дагы толуктап, биз билбеген Айтматовдун ачыла элек жаңы баракчарын ачат. Жазуучунун балалык, өспүрүм кезиндеги “эл душманынын” баласы болгонунан улам кездешкен кыйын кезеңдери, үй-бүлөсүндөгү оор кырдаал, Нагима апанын залкардыгы ж.б. Ошону менен катар эстен кетпес ал күндөрдүн Ч.Айтматовдун кайсы чыгармаларында кандайча болуп образга айланып, окурмандын жүрөгүнөн түнөк тапкандыгы тууралуу да жаңы маалыматтар арбын кездешет. Ошол автобиографиялык маалыматтардан менин көңүлүмө бир нерсе өзгөчө таасир эткенин айта кетпесем болбос. Ал Ч.Айтматовдун өмүрүнүн ар кандай жагдайларында жанында болушуп, репрессияланган бир тууганынын үй-бүлөсүнөн, али пайдасы тийбес кызыл чиедей балдарынан кол үзүп кетишпей (өздөрү үчүн коркунучтуу экенине карабастан) тескерисинче, ар дайым аларга арка-жөлөк болушуп, бийик адамгерчиликтин үлгүлөрүн көрсөтүшкөн Төрөкул атанын тууганлары: Алымкул, Рыскулбек, Өзүбек, Керимбек, Досаалы жезде, Карагыз апа, Мырзабай, Жапарбек аке, Зина эже ж.б. Роза эже алардын эмгегин, Чыңгыздын адам болуп калыптанышында моралдык-материалдык жактан көрсөткөн жардамдарын (дегеле Төрөкулдун үй-бүлөсүнө) бөтөнчө бир жылуулук, мээрим менен эскерет. Көрсө, айтматовдук гуманисттик сезимдердин башаты ошол балалык кезинен башат алган экен да.

...Бекеринен жазуучунун “Саманчынын жолу” повестинде Жайнактын станциядагы бүрүшүп үшүп турган орус балага үстүндөгү чолок тонун чечип бергенин сүрөттөй келип, баласынын бул жоругуна ыраазы болгон Толгонай эненин сөзү менен “Чын сырымды айтсам, бир кишиге тон чечип берүү менен эле элдин кемтиги толуп, бүтөлүп деле кетпейт, бирок жанагыдай эле бирге – он кошулуп, онго – жүз, миң кошулуп, элчилик, адамгерчилик, боордоштук деген ошондон келип чыгат го деп ишенем. Адам жакшылыкты жерден таап албайт, адамдан үйрөнөт. Жайнактын берип кеткен тону жыртылаар, жок болор, жерге кирсин, сөзгө арзыбаган эле нерсе, бирок кеп анда эмес, ошол кичинекей баланын жүрөгүндө бирөөнүн кылган жакшылыгы жүлүндөй сакталып калса, адам болгон соң башкага жакшылык кылуу милдет экенин жаштайынан сезип калса, Жайнагымдын сооп кылганы ошол ***(Ч.Айтматов, Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 2-т. Бишкек, 162-163 бб).***

Баракелде, Ч.Айтматов ошол балалык кезинен улуу адамдардан алган жакшылыктын үрөнүн “жүлүндөй сактап”, аны өзүнүн жыйнаган рух дүйнөсүндө байытып, чыгармалары аркылуу дүйнөдөгү адамзатка адамга жакшылык кылуунун гуманисттик улуу сабагын талыкпай берип өтүшү ушундан экен го деген ойго келесиң!

Китепте аңгемечи Роза эженин олуттуу, жумшак, ар бир турмуштук көрүнүштөн адамзат үчүн маанилүү жыйынтык чыгара билген образы көз алдыга тартылат. Албетте, бу да болсо жазуучу Асандын сүрөткерлик чеберчилигинен десек болот. Эженин демдеген янтарь түстүү чайын ичип олтуруп таякеси башынан өткөргөн ар түркүн окуяга өзүнчө көркөм жалпылоо берип, керегине жараша комментарийлер менен жабдып эскерүү-баянды кызыктуу, уккулуктуу кылып сүрөттөөгө жетишкен. Менимче, Чыңгыз Айтматовдун эң жакын эки адамынын чыгармачылык тандеминен жаралган эскерүү-баян дагы уланышы керек деп ойлойм, анткени мага окурман катары бул китепте айтылган сөздөрдөн айтылбаган сөздөр, дагы далай-далай окуялар бардай сезилди. Андыктан авторлорго чыгармачылык эргүү каалоо менен кийинки эскерүү китепти күтөлү.



Лайли ҮКҮБАЕВА,
филология илимдеринин доктору, профессор

Маданият



А.Малдыбаев атындагы улуттук опера жана балет театры бардыгыбыздын сыймыгыбыз. Аталган театрга чет жактан да келип эмгектенип жаткан артисттер бар экенин көрүп кубанасың. Мында 34 жылдан бери талбай эмгектенип келе жаткан педагог-репетитор Гүлназ ДҮЙШЕМБИЕВАны кепке тарттык.

Гүлназ ДҮЙШЕМБИЕВА:

“Биздин өлкөдө балет театры бар экенине сыймыктанам”

Кенже ОСМОНАЛИЕВА, “Кыргыз Туусу”

– Абдылас Малдыбаев атындагы опера жана балет театрында 34 жылдан бери иштеп, анын 20 жылын бийлесем,10 жылдан бери педагог-репетитор болуп эмгектенип келем. Театрда педагог-репетиторлор артисттердин көркөм, техникалык көндүмдөр жагынан иштеп, спектаклге даярдык көрөбүз.

Театрга жаңы келгенде таланттуу бийчи А.Токомбаева, С.Тукбулатова менен иштешип калдым. Ал убакта театрга жаңы келгенде эле чоң ролдор берилчү эмес. Кийин театрда иштеп, тажрыйбалуу артист болгондо “Чолпон” балетинде Чолпондун, “Бахчисарай фонтаны” спектаклинде Мариянын, “Шопенианада” Селин Дион Вальстын, андан сырткары экинчи партиядагы ролдорду аткардым. Педагог катары “Дон Кихот”, “Щелкунчик”, “Байдарка”, “Бахчисарай фонтаны» спектаклдерин даярдап келем.

Жакында эле “Щелкунчик” спектаклин койдук. Спектакль аншлаг менен өттү. Белгилүү болгондой, театрыбызда таланттуу артисттер иштейт. Бүгүнкү күндө Япония, Орусиядан артисттер келип, иштеп жатышат. Албетте, театр артисттерине тиешелүү деңгээлдеги шарттар жетишсиз. Жаш үй-бүлөлүү артисттер үчүн атайын жатакана курулса жакшы болмок. Айрым артисттер каражат табуу үчүн чет жакка барып иштөөгө мажбур.

Негизи балет искусствосун жоготпой, мындан дагы жогорулатышыбыз зарыл. Биздин өлкөдө ушундай балет театры бар экенине абдан сыймыктанам.

Жолдошум Сүйөркул Маданбеков Ленинграддагы А.Ваганова атындагы академиясынан билим алган. Ал азыркы күндө өз кесиби боюнча иштебейт. Ошого ал “Сен кесибиңди аябай сүйөсүң” деп айтып калат.

Эгемендүүлүктүн 30 жылдыгына карата «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» наамын алдым. Буюрса, кыргыз балети үчүн дагы көп иштерди аткарам деп ойлойм.



Башкы балетмейстр Канат НАДЫРБЕК:

– Мен Балыкчы шаарында төрөлүп өстүм. Кыргыз элинин сыймыктуу уулу Чолпонбек Базарбаев мени балет тармагына алып келген. Бишкектеги хореографиялык мектептен окуп, жогорку билимди Орусиядан алдым.

Театрыбызда күчтүү, таланттуу артисттер көп. Биз ошого сыймыктанышыбыз керек.

Былтыр Москва шаарында өткөн «Видеть музыку» аттуу фестивалга катышып, «Саманчынын жолу» спектаклин койдук. Ошондон кийин бизди быйыл Орусиянын Чоң театрынын тарыхый сахнасына чакырып, ошол жакка барууга даярданып жатабыз.

Быйыл «Ромео жана Джульетта», “Золушка” спектаклдерин коебуз. Андан сырткары Моцарттын музыкасынын коштоосунда «Жамийла» спектаклин коюу ниетим бар.

Албетте, биздин көйгөй – артисттердин маянасынын аздыгы. Борбор Азия мамлекеттери боюнча эң төмөн маяна бизде. Азыр да кичине көңүл бурулуп жатат. Бирок, мындан да жакшы деңгээлде көңүл бурулса болот эле.



Мегуми МАЦУМОТО, балет артисти:

– Мен 3 жашымдан 15 жашыма чейин Японияда балет искусствосу менен машыктым. Конкурс менен Орусияга келип, Пермдеги окуу жайдан 4 жыл окудум. Кийин трупта Москва шаарында гастролдо жүрүп, жолдошум менен таанышып, бул жакка келдик. 4,5 жыл Кыргызстанда, 2 жыл Ростов шаарында иштедик.

Кыргызстан менен Япония мамлекетинин окшош жактары абдан көп. Мен кыргыз элин, жерин абдан жакшы көрөм. Жолдошум экөөбүз кыргыз балети үчүн эмгектене бермекчибиз.

Мекендештин күндөлүгү

Үмүт КЕЛДИБАЕВА:

«Сыртта жүрүп көрбөгөнүм калган жок»

Мелис СОВЕТ уулу, “Кыргыз Туусу”

Буга чейин “Кыргыз Туусу” гезити “Мекендеш”, “Мекендештин күндөлүгү” рубрикаларынын астында сыртта жүргөн мекендештеримдин кызыктуу окуяларын, кыйынчылык, ийгиликтерин окурмандарга сунуштап келген. Бул жолу Москвада көп жылдан бери эмгектенип, ары кызыктуу, ары татаал окуяларды башынан кечирген Үмүт КЕЛДИБАЕВАны кепке тарттык. Сүйлөп берип жатып, улам көзүнө жаш алган каарманыбыз жети жыл ичинде көргөн окуяларын баяндап берди.

(Башталышы өткөн санда)

“Бирин-бири алдагандарды көрүп зээниң кейийт”

Күн менен түн, жакшылык менен жамандык эриш-аркак жүргөндөй эле жакшы учурлар да көп болду. Бул жактагы классташтар табышып, майрамдарда кездешип турабыз. Кыргыз бар жерде тойлор боло берет экен. Кафе, ресторандардын көбү азыр кыргыздардыкы. Мекендештер иштеткен чакан дүкөн, чайханалар да көбөйдү. Кыргыз дүкөндөрдө чучук, бозо, сүмөлөк, сары май сыяктуу Кыргызстандан келген табигый азыктар сатылат. Сагынган учурларда сатып алып жеп турабыз. Кышкысын бозо салып сатканкыз-келиндер бар. Алар вотсап топторго кулактандырууларды жарыялап турушат. Бозого 5 литр же андан көп буйрутма кылсак метрого чейин өздөрү алып келип беришет. Минтип жоктон бар кылган жагынан кыргыздарды көрүп



кубанасың. Бирок, жумуш таап берем демиш болуп бири-бирин алдаган боордошторду көргөндө кайра зээниң кейийт. Мага жаккан бул жактагы мигранттардын көбү намазга жыгылып, ислам дини сабактарына тез-тез барып турушат. Айрымдар ата-энелерин алып келип Москваны, Россиянын башка шаарларын көргөзүп жүрүшкөнүн угуп, көрүп калам. Андайда ата-энемди эстеп, мен неге ушинте албадым деп ичтен сызам.

“Биздегидей саясатты сүйлөгөндөр жокко эсе”

Россиянын мага климаты көп жаккан жок. Кар, жаан жаса, жаабаса деле асман жумалап, айлап чүмкөлүп ачылбай тура берет экен. Албетте, баары бир Кыргызстаныбыздын тоолоруна, кооздугуна жетпейт. Бирок, жайкысын жаратылышы көркүнө чыккан жайлар, көлмөлөр көп экен. Кечинде күндүн батышын тиктеп көлмө жээгинде отурсаң өзүнчө керемет. Айрыкча май айында Подмосковьенин айланасы кулпуруп чыгат экен. Каакым-кукум гүлдөгөндө жер бетине сапсары килем жайып койгондой болуп калат. Андай жерлерден кеткиң келбейт.

Убагында Москваны жакшы билбей көп адаштым. Азыр Кудайга шүгүр, тияк-биягын жакшы билип калдым. Адашып жүрүп Шарикоподшивниковые деген көчөнү көрүп алып көпкө күлгөнүм эсимде. Бир жолу эки-үч аялдама жөө баспайын деп автобуска “зайчик” болуп түшө калсам кашайып ичинде кондуктор бар экен. Байкатпай кийинки аялдамада түшүп кетейин десем автобус светофорго келип токтоп калды. Түрүмөн байкадыбы, кондуктор келип мени кармап алды. Төлөйүн десем чөнтөгүмдө да, банктык картамда да тыйын жок эле. Ошончо элдин көзүнчө аябай уялдым. Кийинки аялдамага келгенде кондуктор 1000 рубль айып пул жазып берип мени түшүрүп салды. Кийин жол кире төлөбөгөндөр үчүн айып пул 2 000 рубль болгондо да ишке шашып түшө калып бир кармалдым. Бул жакта автобус, трамвайларда мен келген жылдары жол кире 32 рубль эле кийин 50 рубль болду. Өткөн жылы ноябрда 54 рублге жогорулады. Бирок, россиялыктар жол кире көтөрүлдү деп Кыргызстандагыдай социалдык тармактарда ызы-чуу кылышкан жок. Биздегидей саясатты сүйлөгөндөрдү деле көрбөйсүң. Баары өз иши менен алек.

“Сөгүнгөн киргиздер үчүн орустардан уялам”

Албетте, акча кимге болбосун керек. Бирок, үй-бүлө, бала-бакыра акчадан да баалуу эмеспи. Муну айтканым, Москвага эки-үч баласы менен ажырашкан кыргыз келиндер көп келип, айрымдары бул жактан бузулуп кетишкенин көрдүм. Динди жаманатты кылып жоолук салынып алышып бир эмес эки-үчтөн эркектин башын айлантып жүргөн кыргыз кыз-келиндер да бар. Союз тараган кездеги кыз-келиндерди го түшүнсөк болот. А азыркы жаштарга тил үйрөнгөнгө, билим алганга жакшы шарт, мүмкүнчүлүк бар. Ошондуктан жаш кыздар бирөөнүн жеңил акчасына азгырылбай, эптеп-септеп турмушка чыгууга ашыкпай окушса дээр элем. Таң калганым, бул жакка бир ооз орусча сөз билбегендер келип алып ой келди сүйлөп, мас болуп алып орусча, кыргызча аралаштырып сөгүнүшөт. Андайда кирерге жер таппай орустардан аябай уялам.


Анан биздин каныбызга сиңип калганбы, айтор, эки кыргыз жолукса эң биринчи бири-биринин тапкан акчасына, маянасына кызыгышат. Же бизде акчадан башка сүйлөшөр нерсе жок калганбы, билбейм. Ошол эле кезде бул жакта жакшы бизнес кылып, супермаркеттердин ичинде кыргызча аталыштагы бутиктерди ачкан мекендештерибиз да бар. Бир жерден “Киргизия” деген чоң супермаркетти көрдүм. Мындай жайларды көргөндө Кыргызстанга келгендей сүйүнүп сөзсүз баш багам. Кыргыздардын ушундай ийгиликтерге жетишкенине кубанам.

(Уландысы бар)

Какен Алмазбековго – 90 жыл

Кыргыздын залкар таланттарынын бири Какен Алмазбеков тирүү болгондо, быйыл 90 жашка чыкмак. Ал "Чагылган", "Албырып шаттык жүзүндө", "13 жашар баланын каты", "Эненин арманы", "Кыргыз көчү", "Айсара кыздын арманы" аттуу ырлардын, санаттардын автору, кыргыздын залкар акыны болгон. 70ке жакын ырына обон жазылып, азыркыга чейин элдин жүрөгүнөн түнөк таап келет. Аттиң, акын убагында бааланбай калган десек жаңылышпайбыз. Кур дегенде, бүгүн да болсо барктап, таланттуу акындын мааракеси мамлекеттик деңгээлде белгиленет деп ишенебиз.

Төмөндө аны карындашы Зинат АРБАЕВА менен бирге эскердик.



Какен Алмазбеков



Канаттуу ырларды жазган – Какен Алмазбеков

Маектешкен: Жумагүл БАРКТАБАСОВА, "Кыргыз Туусу"

– Зинат эже, быйыл Какен Алмазбековдун 90 жылдыгын өткөрүү боюнча иш-чаралар белгиленгенби?

– Аны так билбедим. Бир жолу "Поэзия ордосу" деген адабий коомдук бирикменин төрайымы Клара Ниязова Какен байкемдин "Мурас" деген жыйнагын окуп чыгып, "Фейсбукка" андан алган таасирлерин жазыптыр. Мен ага өз оюмду билдиргем. Анан экөөбүз таанышып калдык. Ал "Какен Алмазбековду калың журтка алып чыгышыбыз керек экен, бул кишинин таланты күчтүү турбайбы, жаш акындарды шыктандыруу максатында анын атын алып жүргөн медаль чыгаралы" деп, мен аркылуу баласынан уруксат алып, төш белги чыгарды. Кеңешип эң алгач медалды агамды жакшы билген Замирбек Үсөнбаев, Анатай Өмүрканов, Самат Көчөрбаев, Акылбек Абдыкалыков сыяктуу адамдарга бергенбиз. Ошентип, ушул коом, Алыкул Осмонов атындагы фонд, Шалта айыл өкмөтү менен биргеликте былтыр Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине мааракеткөрүү боюнча кат жолдогонбуз. Жакында сурасам, карап жатабыз дешти. 80 жылдыгы райондук деңгээлде болгон, 90 жылдыгы республикалык деңгээлде белгиленсе, жакшы болмок. Себеби, анын ырлары ырдалган менен аты аталбай калууда. Коомчулукка анын ырларын аткаруу боюнча конкурс жарыяланса, эл ичиндеги таланттар да чыгат эле. Анын ырларына Асанкалый Керимбаев, Жумамүдүн Шералиев, Аксуубай Атабаев сыяктуу алптар обон жазышкан. "Англичан Джордж Самуэль деген жигит да 3-4 термесин ырдайт" – дешет.

– Ырлары калктын калың катмарына сиңип кеткени менен, автордун өзүнүн өмүрү тууралуу маалымат аз. Ошондуктан, бүгүн анын өмүр жолу, ички дүйнөсү, кыялжоругу тууралуу эскерсек.

– Бул киши атамдын иниси. Бирок, мен кызындай болуп калдым. Себеби, ал мени алты жашыман тарбиялап калды. Апам 6 жашымда төрөттөн каза болуп, атам андан он жыл өтүп көз жумду. Андыктан, чоң энем менен Какен байкемдин тарбиясын көп алдык.

Чоң атам менен чоң энемдин 7 уулу, бир кызы болгон. Эмнегедир, биздин тукумда эркектерден 60ка чыккандар болгон жок. Менин атам 48 жашында каза болгон. Беш бала чоң энемдин колунда өстүк. Ал кезде бир туугандардын баары бир үйдө жашашчу. Үчөй облусунун Шалта айылында чоң үйдө жашадык. Чоң атам 1966-жылы көзү өтүп кеткен экен. Какен байкем мен Москвага окууга кетип жатканда кийимкече алып бергени алигиче эсимде. Ал кезде гонорар жакшы берилчү да.

Агам 1934-жылы төрөлгөн. Айылдык жети жылдык мектепти бүткөндөн кийин ордо калаадагы №5 мектепте окуйт. Тилекке каршы, көз оорунун айынан окубай калган деген маалымат бар. Байкем өзү жаш кезинен куурчак театрда иштеп калган дешет. 30га чыга элек кезинде өзү менен бирге иштеген кызга үйлөнөт. Ал кишини мен көрбөй калдым. Жеңебиз гастролдоп жүргөн үчүн чоң энебизге жакпай калган окшойт, ажырашып кетишиптир. Анан ортодо үйлөнбөй көп жүрдү. 1976-жылы мен мектепти аяктап жатканда гана үйлөндү.

Мектепте жакшы окугандыктан, Какен агамдын бир тууган карындашы Сания эжеме айтып, мени Москвага окууга жиберишти. Ошол боюнча каникулда гана келип жаттым. 1977-жылы биринчи баласы төрөлдү. Андан кийин кыздуу болду. Аялы болсо өзү каза болгон соң 10 жылдан кийин өтүп кетти. Уулунун 3 баласы бар.

– Уул-кызы чыгармачылыкка жакынбы?

– Жок. Алар шаарда чоңоюп, өсүп калгандыктанбы, чыгармачылыкка жакын болгон жок. Балким, небереченөбөрөлөрүнөн акындар чыгып калар.


– Какен аганын көзү көрбөй калган деген сөз чынбы?

– Кичинесинде эле көзү жакшы көрбөй баштаган окшойт. Ал убакта медицина күчтүү эмес да, көп маани да берилбей калса керек. Кийин күчөп кеткен го. Бирок, биз баарын көргөндөй эле сезчүбүз. Көкүрөгү тунук болчу. Өзү көзү тууралуу бир да жолу даттанган эмес. Жазганда, чоң-чоң бадырайта жазчу. Сиңдим анын жазгандарын машинкага басчу. Агам кайра окутуп, "Туура эле жаздыңбы, ката кетирбе, сөздөр башка маани берип калат", – дечү. Кайра-кайра окутчу. Азыр ойлосом, агам көкүрөгү менен сезчү окшойт. Көбүнчө ырларды эсине сактачу. Эс тутуму жакшы болчу. Бизге математика сабагынан жардам берип, теңдемелерди логикалык жактан эсептеп эле жообун айтып койчу. Мектепте ар кандай маданий мелдешterге, КВНге жазып берген ырынын жардамы менен биринчи орунду алчубуз. Көп сүйлөбөгөн, ашыкча сөз айтпаган адам эле. Радиону көп угуп, ким жакшы ырдайт, кайсы журналист жакшы сүйлөйт, анализдеп олтурчу.

Асанкалый Керимбаевдин, Жеңишбек Шамшиевдин ырдаганын жактырчу. Кийин Орозбек Кутманалив анын арман ырларын аткарып жүрдү. Замирбек Үсөнбаевди, Гүлсүн Мамашеваны баалачу. Малик Аликеевди да жакшы көрүп, ага бир ыр жазып берсем деп жүрчү.

– Ырлары басылып чыкса керек?

– "Жыргал", "Мелдеш", "Ырлар", "Кимде айып" аттуу жыйнактары чыкканы менен, көзү тирүүсүндө көп бааланбай калды. Көзү өткөндөн кийин үч китеп чыкты. Бир жолу лира кечеси өтүп, каза болгондон кийин эки жолу эскерүү кечеси болду.



– Жазуучулар союзуна мүчө болбой калганы чынбы?

– Ошону так билбейм. Какен агамдын эмгегин айтып карындашы Саня эжем көп чуркады. Ошол эле тызылдап жүрчү. Документтерин өткөргөн. Өзүнө "Жазуучулар союзуна мүчө болдуңуз" деп айтып койдук деп да жүрүшкөн. Бирок, чынбышыгы Жазуучулар союзунан чыгат болушу керек. 80 жылдыктын алдында жолдошум Советбек Арбаев Кайрат Иманалиевге кайрылып, "Алтын казынада" сакталган ырларын жаздырып алган, 50гө жакын ыры табылды.

– Акыркы жылдары эмне менен алектенди?

– Негизи, кийинки жылдары эч жерде иштеген жок да. Эргүү келгенде ыр жазчу. Болбосо, үйдөгү жумуштарды жасачу. Бак тигип, бутап, кыйыштырып, чарбалык жумуштарын бүтүрдү. Биз аны көзү көрбөйт деп ойлочу деле эмеспиз. Ал жөнүндө сөз болгон да эмес.

– Акыркы кезде арман жазган үчүнбү, бул кишинин тагдыры армандуу болгондой пикир калтырат?

– Ал эч убакта чөгүп же таарынып калбаган адам болчу. Жашоону сүйчү. Ал өз чыгармачылыгы менен жашады. Чындыкты бетке айтчу. Ошондуктан, кээ бирөөлөргө жаман көрүнүп да калса керек. Оюмда көп нерселер бар эле, жазбай калдым деп кейичү. Агам өзү деле союзга өтөйүн деп чуркаган жок. Ыр жазып бер деп келгендерге жазып берип коюп жүрдү. Атак-даңкка, акчага кызыккан жок.

– Кийинчерээк Какен агага таланттуулардан кимдер келип жүрдү?

– Жапар Чабалдаев менен дос болуп жүрдү. Орозбек Кутманалиев келип калчу. Жеңишбек Шамшиев көп ырларын ырдаган, ал да келсе керек, балким, мен ал учурда кичине болуп калгандырмын. Биз кичине кезде көп эле кишилер келип, бак-короодо бакылдашып олтурушчу. Бойдок болсо, анан ага баары келип алса, чоң энеме жакпаса керек. Биз деле ошондой кабыл алдык. Биздин бак-короо чоң эле, көп кишилер сүйлөшүп, ырдап олтургандары эсимде бар.

Билгендер "Таланттуулар Ош базарында чогулушчу" дешет. Байдылда Сарногоевдин жазганы бар эмеспи:"Какен дайра, мен кудук, Какен барда мен дудук" деп. Байдылда экөө тең бири-бирин баалап, түшүнүшкөн. Тилекке каршы, өз учурунда бааланбады. Сания эжемдин аракети менен китептери чыгып калды. 1991-жылы өзү катышкан бир эле лира кечеси болду. Аны Баратбай Аракеевдин демилгеси менен журналист Асанбек Иманбаев уюштурган. Көп тоскоолдуктарга карабай уюштурган деп калышат. Ага Ашыралы Айталиев, Замирбек Үсөнбаев, Орозбек Кутманалиев сыяктуу бир катар залкарлар катышкан. Ошол кезде агам ооруп жүргөн.

Какен байкемдин сүрөттөрү деле көп жок. Азыр байкемдин ыры бир күндө радио уктурууда, телекөрсөтүүдө жок дегенде бир жолу ырдалат. Бирок, авторун айтып коюшпайт. Бир жолу автобуста кетип баратсам, Султан Садыралиев "13 жашар баланын арманын" ырдап жатса, автобустагы бирөө айтып жатат "Султан жакшы ыр жазыптыр", – деп. Ырчылар бирөөнүн чыгармасын аткарып жатканда, теледен же радиодон автору айтылып турса жакшы болор эле.

– Агаңызды эстегенде, кайсы учурду көп элестетесиз?

– Ал киши 1991-жылы каза болду. Ошол жылдары жеңебиз кызына жардам бергени бат-бат кетип, эжем экөөбүз агама көп каттап калдык. Мага тарбиясын көп айтчу. Агам бийлик, байлыкты ойлочу эмес экен. Колунда бар болсо, бардай урунчу, март болчу, кенен жүрчү. Байлык топтогонду, наам алыш үчүн мамиле түзгөндү билген жок. "Мени эл билет, Какенди эл эстейт", – дечү. Акыркы бир айда алы кетип, үйдөн чыкпай калды. Болбосо, төшөккө жатып калган жок. Өпкөсүнөн "жаман ооруга" чалдыгыптыр.

Мен Москвага окууга кетип жатканда, Какен байкем бир эле сөз айтты: "Жакшы жүр" деген. Ошол сөз кулагымда калды. Ал майдаланчу эмес. Ошол кезде партия, Ленин дебей эле, эң башкысы, адамдык касиетти сактоо керектигин айтыптыр. Адамдын адамга болгон мамилесине маани берчү. Абдан кыраакы эле...

Туризм

Кыргыз жери сыйлыгым

Кенже ОСМОНАЛИЕВА, “Кыргыз Туусу”

Кыргызстан тоо көлдөрүнө бай. Акыркы жылдарда бул көлдөрүбүзгө кызыккан, атайы ат арытып алыстан келген чет элдик туристтердин саны артууда. Бул көлдөрүбүз боюнча маалымат бере кетели.

Тоо көлдөрү

Көл-Төр көлү – 2700 метр бийиктикте жайгашкан кооз тоо көлү Кегети капчыгайында жайгашкан. Көлдүн суусу жайкысын 5 градустан ашык жылыбагандыктан көлгө түшүү мүмкүн эмес. Жайкысын көл укмуштуудай бирюза түсү менен өзгөчөлөнүп, кооз түстөрдүн айкалышын кездештире аласыз.

Көлгө баруучу жолдун узундугу 8 чакырымды түзөт. Жол даана көрүнүп тургандыктан адашып кетүү мүмкүн эмес. Жол бак-дараксыз жерден башталып, бара-бара бийик токойлуу капталдарга, андан кийин бийик тоолуу альп шалбааларына барат. Унаа коюуга же пикникке чыгууга көп жерлер бар.

Көлдөн үч чакырым бийиктикте мөңгүлөр зонасы башталат.

Ошондой эле Шамшы Туюк же Кегети капчыгайына бара турган бир нече ашуулар бар. Ашууларды өтүү бир топ кыйын, ошондуктан ал жактарга баруу бир гана даярдалган туристтерге сунушталат.



Ала-Көл көлү – Ысык-Көлдүн Тескей-Ала-Тоосундагы көл. Каракол жана Алтын-Арашан капчыгайынын ортосунда жайгашкан. Ала-Көл чындап эле өзүнүн түрдүү түстөрү менен таң калтырып, жайкысын да эрибеген карга, көк чөпкө жана түрдүү түстөгү тоо гүлдөрүнүн түсүнө окшошуп турат.

Көл деңиз деңгээлинен 3500 м бийиктикте жайгашып, узундугу дээрлик 3 чакырым, туурасы 500 метрди түзөт. Жээгинин жалпы узундугу 7 км түзөт. Көлгө баруучу жол да туристтерди абдан кызыктырат. Ал Каракол капчыгайынан өтүп, туристтерди тоолордун жана Тянь-Шань токойлорунун ажайып көрүнүшү менен кубандырат. Көлгө Алтын-Арашан капчыгайы аркылуу да жетүүгө болот, бирок ал үчүн Ала-Көл ашуусун (бийиктиги 3900 метр) басып өтүү керек.



Сүттү-Булак көлү – Ысык-Көлдүн Семенов капчыгайындагы, деңиз деңгээлинен 2700 метр бийиктикте жайгашкан.

Көл катуу жер титирөөнүн натыйжасында пайда болгон. Көлдүн сулуулугу бир чыны чайга сүт куюп, аралаштырбай койгондой көрүнөт. Узундугу 20 метрге, суунун температурасы 5 градуска жакын. Ал жактан дайыма жапайы өрдөк-каздардын сүзүп жүргөнүн көрүүгө болот. Бир убакта көлдө форель балыгы көп болгондугу айтылат. Күндүн таң калаарлык кооз чыгышы, тоо дарыясынын үнү, таза аба, карагайлар, көз жоосун алган жашыл тоо чөбүн Сүт көлдүн кооздугун толуктап турат.




Кара-Суу көлү – Жалал-Абад облусунун Токтогул районунда.

Көлгө жетүү үчүн Кара-Көл шаарынан чыгышты карай капчыгайга бурулган кара жол менен 30 чакырымдай басып өтүү керек. Көл 2000 м бийиктикте жайгашкан. Тереңдиги 90 метрге жетип, аянты 15 чарчы км түзөт. Бул жерде Тянь-Шань карагайы, кайың даректары, көп сандагы чөптөр өсөт. Кара-Суунун түштүк капталдары абдан кооз.

Кара-Суунун жээгинен Фергана кырка тоосунун чокуларынын бири – Алампасы (3754 м) чокусу укмуштуудай көрүнөт. Ошондой эле бул жерден дарыянын жогору жагында жайгашкан Капка-Таш аттуу дагы бир көлгө жетүүгө болот. Бул жактан Фергана кырка тоосунун түштүк бөлүгүндөгү Арсланбап токойлоруна алып баруучу ашууга да чыгууга болот.



Ак-Көл көлү – Жумгал районундагы Кабак айыл округуна караштуу. Чаек айылынан 42 чакырым алыстыкта жайгашкан. Тереңдиги 70 м, узундугу 1 км, ал эми суусунун көлөмү 2,8 млн. куб метрди түзөт. Ак-Көл көлү Молдо-Тоо тоосунун батыш капталы урап түшкөндөн келип чыккан. Тереңдиги 80 м жетет. Бул көлгө Кең-Сай жана Үңкүр-Сай жылгаларынан келген мөңгү суулары куюп, жыл сайын кардын жана жаан-чачындын жаашына жараша көлдүн деңгээли көтөрүлүп турат.



Мерцбахер көлү – Борбордук Теңир-Тоодогу Кантеңир чокусунун батыш капталындагы бийик тоо көлү. Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Сары-Жаз жайлоосунда деңиз деңгээлинен 3304 м бийиктикте, Түндүк Эңилчек мөңгүсүнүн этек бөлүгүндө жайгашкан. Узундугу - 2-3 км, туурасы 1,1 км, аянты 4 км, тереңдиги 60-70 м. Байламтасы мөңгү менен тосулуп, андан омурулуп калган муз сыныктары көлдүн үстүндө калкып жүрөт. Көл жалпысынан экиге бөлүнөт. Жогору жагы дайыма муз менен капталып, ылдый жагы суу болуп агып турат.

Август айларында көл чанагы сууга толуп, Түштүк Эңилчек мөңгүсүнүн жаракалары аркылуу 5-7 күндүн ичинде суу агып кетип, майда чөөттөр гана калат. Жайы салкын болгон убакта көлдөн суу агып чыкпай калат. Көлдү 1903-жылы немис саякатчысы Готфрид Мерцбахер ачкандыктан, көл анын атынан аталып калган.



Кулун көлү – Кара-Кулжа районунун Көңдүк айылында, Тар дарыясынын оң куймасы – Кулун-Ата суусунун башында жайгашкан. Узундугу 4,6 км, туурасы 700 м. Терең жери 91 м. Деңиз деңгээлинен 2856 м бийиктикте жатат. Бул көл корукка айланып калган көл. Ал Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш капталында жайгашкан. Көл чанагы деңиз деңгээлинен 2856 м бийиктикте. Аны курчап турган тоолордун түндүк капталында карагай, түштүк беттеринде арча токою өсөт. Келип чыгышы боюнча бөгөт көлдөргө кирип, жер титирөө болгондо көчкү жүрүп, сууну тосуп калган. Тосуп калган бөгөттүн бийиктиги 120 м, туурасы 500 жана узундугу 200 м түзөт. Түндүгү менен түштүк капталдары тик урчуктуу аскалар менен курчалган. Көлдөн суу агып чыкпайт.



(Интернет булактарынан алынды)

Келечек ээлери эмне дешет?

Айгерим КАЧКЫНБЕКОВА,
“Кыргыз Туусу”


Элибиздин келечеги ар түрдүү тармактарда иштеген, таланттуу жаштардын колунда. Ошондой жаштарыбыздын бири, алдына койгон бийик максаттарына умтулган, жаш архитектор жана дизайнер Мээримбек УЛАНБЕКОВ менен маектештик.

Мээримбек УЛАНБЕКОВ:

“Чигу” – дүйнөлүк стандартка туура келген аэропорт”








“Чигу” аэропорту – асман дарбазасы”

– Азия инновациялык колледжин жана Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетин бүтүргөм. Кесибим архитектор-дизайнер. “Эшигин көрүп төрүнө өт” дегендей, аэропорт бул – туризм. Туризм тармагын өнүктүрөбүз десек дүйнөлүк стандартка туура келген, бардык шарттары каралган чоң аэропорттор бизге абдан керек. Ошондуктан, дипломдук ишим катары Ысык-Көл облусунун Түп районуна эл аралык аэропорттун долбоорун чийгем. Тарыхтагы Көлдүн астында калган байыркы шаардын атынан аэропортту “Чигу” деп атаганбыз. Түп – асман, ал эми Чигу – анын дарбазасы деген идеяны камтыганбыз.

“Чигу” – Б классындагы, дүйнөлүк стандартка туура келген аэропорт. Ал бир учурда 23 учак конууга ылайыкташкан. Аэропорттун архитектурасында кыргыздын музыкалык аспаптарынын калыптары түшүрүлүп, улуттук колоритке басым жасалган. Долбоору чийилип, макети жасалган. Бирок, биздеги калктын саны аз болгондуктан азырынча ал долбоорду ишке ашыра албайбыз. Себеби, Б классындагы аэропорттор саатына 2-3 миңдей киши кирип-чыкканга ыңгайлашкан. Алгач, чакан эле аэропорттун чиймесин чийип баштагам, бирок, жетекчим Кожалиев Акыл агайымдын: “Калкыбыздын саны өсөт, туризм тармагыбыз өнүгөт деген жакшы тилек менен келечектин планын курбайсыңбы”, – деген сунушун эске алып, чоң аэропорттун долбоорун чийгенбиз. Былтыр окууну бүтүп жатканымда “XXI кылымдын интеллектуалдары” аттуу эл аралык форумда “Чигу” аэропортунун макети менен катышып, биринчи орунду алдык. Буюрса, бул долбоор келечекте ишке ашат деп ишенем.





“Жакшы чөйрө таппасам, өзүм түзөм”

– Студент кезимде өзүмдү ыңгайлуу сезген, жан дүйнөмө жаккан чөйрө таба албай жүрдүм. Ар кандай жаштар коому, түрдүү уюмдарга кошулуп, бирок, кызыкчылык, көз караштар дал келбегендиктен кол үзүп жаттым. Ошондо “Жакшы чөйрө таппасам, аны өзүм түзөм” дегем. Аны менен катар кыргыздын илгерки архитектура үлгүлөрүн заманын талабына ылайык өнүктүрүү максатын көздөп, ушул багыттагы демилгелүү жаштардын башын бириктирүүнү ойлочумун. “Жалгыз аттан чаң чыкпайт” дегендей, жакшы чөйрө керек. Бүгүнкү ааламдашуу доорунда ата-бабаларыбыз мурас калтырган “Манас”, боз үй, калпак, музыкалык аспаптар, оюу-чийүүлөр өндүү улуттук баалуулуктарыбызды жайылтууда, дүйнөгө таанытууда биздей жаштардын биргеликте аракет кылуусу жакшы натыйжа берет деген ойдомун.

Ошентип, 2022-жылы мартта бир максатты көздөгөн демилгелүү жаштардын уюму түзүлдү. Алгач, уюмдун атын “Дилгир” же “Кереге” деп атайлы деп, акырында “Илгир” дегенге токтолдук. Илгир – шамдагай, тез-тез ишке ашырган, ыкчам дегенди билдирген кыргыздын нукура сөзү экен. Бирок, көп колдонулбай, архаизм сөздөргө кирип калыптыр. Ошондуктан, ушул нукура кыргыз сөзү күнүмдүк сөз куржунубузду толуктасын деген максатты көздөгөнбүз. Дилгир болуш үчүн илгир болуш керек. Башкача айтканда, илим-билим, адеп-ахлак, кулк мүнөз, жакшы сапаттарды илип алып анан дилгир болот деген мааниде.

Уюм руханий, интеллектуалдык, физикалык өнүгүү жана кыргыздын байыркы мурастарын замандын талабына ылайык алып чыгуу деген төрт багытта иш алып барат. Уюмда ар кайсы тармактын студенттери бар, бирок, басымдуу бөлүгүн архитектор, дизайнер жана программисттер түзөт. Эки жыл аралыгында жаштарды интеллектуалдык багытта өнүгүүсүнө салым кошкон «Акыл миллионери» аттуу интеллектуалдык таймашын, “Дил баян” конкурсун, китеп окууга шыктандырган “Start book” аттуу республикалык мелдешин, колго тартылган графикалык жана архитектуралык композициялардан турган этно-көргөзмөлөрдү өткөрдүк. Бул баштылышы гана, дагы да болсо колубуздан келген пайдалуу иштерди жасасак деген пландарыбыз бар.

“Китепке болгон сүйүүмдү китепканачы эже ойготкон”

– Апам өзү математика мугалими. Кичинекей кезимде апам элдик жомокторду окуп, айтып берип жүрүп китеп окууга кызыктырган. Андан сыртқары менин китепке болгон сүйүүмдү айылдагы китепканачы Бүбүсара эже ойготкон десем болот. Ким китепканадан алган китебин биринчи окуп бүтүп келсе, ошого өзүнүн дүкөнүнөн таттууларды берер эле. Таттууну жеп, мактоосун угуу үчүн биринчи окуп бүткөнгө аракет кылчумун. Барганда китептин ар кайсы бетин ачып сурачу. Билбей калып уят болбоюн деп китепти окуп чыгып, өзүмө-өзүм түшүнүгүмдү айтып даярданчумун. Ойлосом, Бүбүсара эже ушундай тактикасы менен бир топ баланын китепке болгон кызыгуусун арттырган экен.

Кээде 1000 китеп окуп, 1 китеп окугандай болбойсуң. Кээде 1000 китепке татыган 1 китеп окуйсуң дегендей. Ошондуктан адамдын жашоосун өзгөрткөнгө 1000 китеп окуунун деле кереги жок, болгону пайдалуу боло турган китеп окуш керек деп ойлойм.

Көбүнчө ийгиликтүү же өмүрү өрнөк инсандардын басып өткөн жолу камтылган автобиографиялык же мотивациялык китептерди кызыгып окуйм. Учурда бизнес багытындагы китептерди көбүрөөк окуп жатам.

“Бизде жылына эң аз 10, эң көп 130 китеп окушат”

– Жатаканандын 1-кабатында долбоор чийген чакан усулканабыз бар эле. Ал жакта “Асыл адамга айланганда” деген китепти окуп олтургам. Жөнөкөй эле адамдардын эли-жери үчүн чоң-чоң иштерди жасап койгону мени аябай таасирлентти. Агаларыбыз ишке ашырган “Бир адамдан бир китеп” долбоорунун идеясы да ушул китепте бар экен. Жанымдагы студенттер “Кайсы китепти окуп бүттүңүз?” деп сурап калышты. Китептин маанисин кыскача түшүндүрүп берип, талкуулай баштадык. Кудай оозуңа салат дегендей: «Келгиле анда 1 жыл бою китеп окуп жарышып, декабрда жыйынтыгын чыгарабыз. Кимибиз көп окуган болсок, ошонубузга сыйлык ыйгарабыз”, – деген сунушумду көпчүлүгү колдоп кетишти. Оюмду “Илгир” уюмундагыларга айтсам, бир жылда Кыргызстандын жаштары канча китеп окуй турганын аныктоо максатында республикалык деңгээлде сынак жарыялабайлыбы деп калышты. Чоң масштабда кантип өткөрөбүз деген бир аз кооптонуу болду, бирок, ниет күчтүү болсо идея ишке ашат деген чын экен.

1-февралда долбоордун жобосун иштеп чыгып, агаларыбыздын сынына койдук. Кеңештерин эске алып оңдоп чыгып, 1-мартта сынакка старт бердик. Авторун, аталышын, бетин, качан баштап, качан бүттү жана бул китептин пайдасы, эмне себептен башкаларга сунуштайсыз деген 2 суроодон турган “Start book” таблицасын түздүк. Ал эми экинчи бетинде 1 жылдык анализди чыгарууга жардам бере турган 15 суроо бар. Анын арасында: Кайсы автордун китептерин сүйүп окушат? Жылына китепке канча каражат коротот? Бир жылда китепканага канча жолу барат деген сыяктуу суроолор камтылган. Кол жеткен жерлерге кагазга чыгарып таркатсак, аймактарга электрондук үлгүсүн тараттык.

Сынакка республика боюнча жалпы 520дай студент катышты. “Start book” долбоорунун натыйжасында жаштар Айтматовдун чыгармаларын көп окуганын биле алдык, б.а. катышуучулардын 54,3%ы Айтматовдун чыгармаларын окушкан. Ал эми экинчи орунда түрк жазуучусу Халит Эртугрулдун чыгармалары болсо, үчүнчү орунда Нуржигит Кадырбековдун китептери окулган. Көп окулган китептердин катарына Элинор Портердин «Поллианна» деген чыгармасы да кирди.

Жаштардын аң-сезимин өзгөртүү, китепке болгон кызыгуусун арттырып, сүйүүсүн күчөтүү, шыктандыруу, китепкөй Кыргызстанды түзүү максатында ушул конкурсту өткөрдүк. Кудай буюрса, максатыбызга жеттик. Кыргызстандын жаштары жылына эң аз 10 китеп окуса, эң көп 130га чейин китеп окуган китепкөй жаштардын бар экени кубандырды. Буга мисал Ислам университетинин 3-курсунун студенти Ратбек кызы Нурайым 1-марттан 25-ноябрга чейинки убакытта 130 китеп окуп конкурстун жеңүүчүсү деп табылды. Диплом, Алматыга жолдомо, китеп ж.б. белектерге ээ болду.

«Start book» долбооруна быйыл 1-мартта кайра старт беребиз. Буюрса, жыл сайын өткөрүлүп туруучу салттуу конкурска айландырабыз.

“Максатым – кыргыз архитектурасын дүйнөгө даңазалоо”

– Илим-техниканын өнүгүшү менен интеллектуалдык жана руханий багытка аракет кылган жаштардын арасы суюлуп бараткандай сезилет. «Карагыны миң айтканча чыркырап, андан көрө жагып койгун бир чырак» дегендей, айтканыбызды иш менен далилдеген жаштардан болсок экен. Бизде энергия, убакыт, жаштык, күч барында колубуздан келишинче пайдалуу иштерди жасап калалы деген ойдун өзү мотивация берет.

Ааламдашуунун аркасында биздин муун башка элдин салтын, баалуулугун карманып, наркыбызды, тилибизди чанып кетсе, Кыргызстандын келечеги кандай болот деген маселелер ойлондурат. Ошондуктан, келечекте кыргыз баалуулуктарын, архитектурасын дүйнөгө таанытайын, даңазалайын деген максатым бар. Чын-чынына келгенде биздикиндей архитектура дүйнөдө жок. Мисалы, боз үйдүн архитектурасын алып карай турган болсок,

«Кереге болбой уук тике тура албайт,
Уук болбой түндүк бийик чыга албайт.
Түндүк болбой боз үй ичи нур албайт.
Бирдик болбой боз үйдү да кура албайт»,

– дейт го. Бат тигилип, бат жыйналып, суукта жылуу, ысыкта салкын, философиялык терең мааниси, ар бир бөлүгүнүн чечмелениши, жаратылышка болгон сый-урматы өзүнчө эле укмуш. Ушул нерсени дагы да болсо көтөрүп, жайылтып, даңазалайын деген максатым бар.

Эскерүү



Быйыл Советтик армиянын Ооганстандан чыгарылышына 35 жыл болот. Ушуга байланыштуу ал жакта кызмат өтөгөн запастагы полковник Саламат АБДЫЛДАЕВ өз башынан өткөргөн окуяларды айтып берди.

Майнапсыз согуш, кыйылган өмүрлөр...

Жазып алган Нарынкүл НАЗАРАЛИЕВА, "Кыргыз Туусу"



Саламат уулу экөө

Үйгө калп айтып кат жазчубуз...

Мен 1979-жылдын июлунда Алматыдагы жогорку аскер окуу жайын аяктап, Украинанын Мукачева шаарында кызмат өтөп жаткам. Ал жерде 2200 жоокерден турган полк бар болчу. Ошол жылдын 25-декабрь күнү андагы командачылык офицерлерди чогултуп, 3 айлык акыны берип: "Үй-бүлөңөрдү кичи мекениңерге кетиргиле", – деген буйрук берди. Бирок, аялдарыбызга айрым маалыматтар жеткен экен. Жубайым мага: "Силер Өзбекстан тарапка кетет турбайсыңарбы", – деди. Ошол эле күнү Ужгород шаарынан жубайым менен 5 айлык уулумду самолётко салып, Кыргызстанга жөнөттүм.

Поездге курал-жарактар жүктөлүп, терезелери жылчыксыз чүмкөлгөн 40 эшелон сапарга чыкты. Анткени, аскерлердин, жүктөрдүн Ооганстанга барганын эч ким көрбөшү керек болчу. Төрт күндө Өзбекстандын Термез шаарына жетип, ал жактан Аму- Дарыянын көпүрөсүнөн өтүп, Мазари-Шариф шаарына келдик. Мен взводдун командири болчумун. Карамагымда 29 жоокер бар эле. Мазари-Шарифте 200гө жакын советтик инженерлер менен жумушчулар жер семирткич чыгарган заводдо иштеп жатышыптыр.

Совет өлкөсү аларга ушул заводду, эки кабаттуу үйлөрдү куруп, батир бериптир. Биз аларды кайтарып 10 күнчө туруп калдык. Үйлөрдүн чатырына пулемётторду орнотуп, 3 танканы жашыруун кармап маскировкалап койдук. Анда согуш баштала элек кези болсо да, 300 миңге жакын советтик аскер Ооганстанга киргизилген. Биз ал жерден Кундуз шаарына жөнөтүлдүк.

Үч айдан кийин согуш башталды. Биздин взвод полкко келип кошулду. Ар бир жоокерге 50 кг жүк көтөрүп 40 чакырымдай жөө басууга туура келет. Анткени, тоолуу аймакта оор техника жүрө алчу эмес. Бутка катуу күч келип кыйналганда буттун тырмагынан кан аралаш суу чыгып, чулгоону чылпылдатып жиберчү. Жоокерлер фляжканын капкагы менен бир ууртам гана суу ичишчү. Себеби, андан башка суу болчу эмес. Кыргызстанда калган үй-бүлөбүз кайгырбашы үчүн: "Мектептер менен бала бакчаларды кайтарып жатабыз", – деп калп айтып кат жазчубуз. Бирок, атам аскер комиссариатында иштегендиктен согуш талаасында салгылашып жүргөнүмдү билчү. Кийин атам мага: "Үйгө эки-үч киши чогулуп келип калса, Ооганстан тараптан жаман кабар келген го деп корко берчүмүн", – дечү.

Контузия алсам да согушка кайттым

Кундуз шаарындагы түрмөгө моджахеддер чабуул коюшуп, ал жактагыларды бошотууга баратышканы боюнча полкко кабар келди. Ошол күнү душмандар биздин тоодогу полкко капысынан ок жаадырышты. Биз 10 чакырым жүргөндөн кийин душмандар пулемёт менен аткылашты. Бир убакта танканын ичи аябай жарык боло түштү. Ошондо снаряддын сыныгынан катуу жаракат алдым. Эс-учумдан танып жыгылганымда жолдошторум танкадан чыгарып алышкан экен. Ошол замат биздин 40тай снаряд, 5000ге жакын ок жарылып күйүп кетти. Анын күчү аябай катуу болгондуктан танканын кыймылдаткычы эрип кетиптир.

Эки сутка комада болуптурмун. Көзүмдү ачсам, спорт кийимчен госпиталдын керебетинде жатыптырмын. Өз оюмда: "Мени союзга алып келишкен го", – деп сүйүнүп кеттим. Көрсө, Кундуздун госпиталында экем. Ошентип 1980-жылдын март айында белим сынып, контузия алдым. Бир аз күндөн кийин Кыргызстанга келип, Кой-Таштагы аскер госпиталында 15 күн кошумча дарыландым. Ошондон көп өтпөй Ташкенттин аскер аэродромунан Кундузга учуп кеттим.

Ооганстандын Ваджип деген шаар тибиндеги кыштагында кыргыздар көп жашайт. Ал жерде илгеркидей бай, болуш жана манаптары бар экен. Эркектердин ысымына "хан", аялдардын ысымына "жан" деген сөздү кошуп айтышат. Аларга: "Бисмилла рохман рохим", – деп айтсаң, мусулман турбайбы деп аябай сыйлашчу. Бир күнү козу союп, айран-сүт берип эки-үч жоокерим менен меймандашты. Биздин полктун офицерлери мага: "Булар сага уу берип өлтүрүп коюшпайбы?" – деп жүрүштү.

Ваджипте денесин жара басып кыйналган адамдар көп болчу. Биз аларга таблетка, зеленка, йод берчүбүз. Бир жолу оогандар жашаган кыштакты душмандар аткылап кетишиптир. Кыштакты кыдырып жүрүп, жергиликтүү бир адамдын жаак сөөгү бүтүн талкаланып, каны шорголоп жатса да көзүн жалдыратып тирүү отурганын көрдүк. Моджахеддер дагы бир аялды эмчек тушка атып салышыптыр. Ыйлап отурган аялга биздин фельдшерди чакырып келейин, канын токтотуп таңып бербесе жубайың өлүп калышы мүмкүн десем, күйөөсү көнбөй койду. Анткени, чоочун эркекке аялдын денесин көргөзүүгө аларда болбойт экен.

Чоң таштын алды үй экен

Оогандардын армия жетекчилеринин басымдуу бөлүгү советтик аскер окуу жайларын аякташкан. Совет өлкөсү аларга согуш стратегиясын бүтүндөй үйрөтүп, армия түзүүнү окуткан. Ошого карабай, алардын арасынан душмандарга өтүп кеткендери көп болду.

Ак топурак менен салган тамдарынын көбүндө терезе болчу эмес. Түртүшмө жайма базарлары артта калган доордон элес берчү. Күрүч, коон, апийим көп айдалчу. Советтер Союзу Ооганстанга эки кабаттуу үйлөрдү куруп, административдик райондорго бөлүп, социалисттик режимди киргизип, турмуш деңгээлин көтөрмөкчү болгон. Ал жакка арзан бензин, азык-түлүктөр көп барып жаткан. Ошол учурда НАТОго мүчө мамлекеттер жана башка өлкөлөр болуп, жалпысынан 50гө жакын мамлекет моджахеддерге жардам берип жатышты. Аны биз моджахеддерди колго түшүргөндө курал-жабдыктардын маркасынан билчүбүз.

Моджахеддер бийик тоолуу жерде өздөрүн эркин сезишип, таштан-ташка секирип жүрүүгө абдан жакшы көнүшүптүр. Алар советтик аскерлерге 1 күндө 30дан ашык чабуул коюп турушчу. Бир күнү эки моджахедди суунун аркы өйүзүнөн колго түшүрүп алдык. Экөө колун көтөрүп бизди көздөй келе жатып, кайра тоону көздөй чуркап жөнөштү. Жоокерлер аларды аткылаганда автоматтарын таштай качышты. Галошчон немелер кайда качышмак эле дедик. Бирок, тиги экөө көз ирмемге жетпей коңулга кирип жок болушту.

Жайдын ысыгы 40 градустан ашып, күйкалап жиберчүдөй жанды кыйнап турган. Мындай оор учурда карамагымдагы жоокерлер суу жана тамак-ашка караганда, окдарыны көбүрөөк сурашчу. Анткени, душмандарды аткылап жатканда ок түгөнсө, колго түшүп калуу коркунучу бар. Бир күнү бийик тоолуу аймакка чалгынга чыктык. Жакын жерден моджахеддердин үндөрү угулду. Бир аз баскан соң, бет маңдайдагы тоонун жайыгыраак жеринен душмандарды көрүп калдык. Алар алда канча кубаттуу чоң домкрат менен үйдүн жартысындай чоң ташты жылдырып, анын алдындагы чуңкурду ачып ичине түшүп кетишти. Мындайды мурда көрбөгөндүктөн таң калып туруп калдык.

Бир топ күн өткөндөн кийин катуу салгылаш болуп, моджахеддер жайгашкан тоолуу жерлерди бошотуп бараттык. Эки тоонун ортосунда душмандар жайгашкан база бар экен. Абадан катуу сокку урулганда душмандар качып жөнөшкөн соң, арт жагынан жөө аскерлер аймакты душмандардан "тазалап" жөнөчүбүз. Ал жактан баягы биз көргөндөй чоң ташка туш келдик. Душмандар качканда ташты кайра жылдырып чуңкурду жабууга үлгүрбөй калышыптыр. Абдан чоң домкрат Канаданын өндүрүшүнөн чыгарылыптыр. Биз чуңкурдун ичине түштүк. Көрсө, анда советтик авиация бомба таштаган учурда коргонуучу чоң бөлмө бар экен. Анын ичи үйдөй болуп жасалыптыр. Анда жука болуп бышырылган жупка нандар бийик болуп үйүлүп туруптур. Ал жерде саман төшөп, жашынып жатчу жайлар даярдалып коюлуптур. Америкадан чыгарылган резина идиштерге таза суу, айран куюлуп, баштыктарда кургатылган чийки эт бар экен. Андан тышкары, курал-жарактардын көп арсеналын таап алдык.

Жоокерди колдон жулдурдук

Кыштактарды кыдырып душмандарды издөөгө буйрук берилчү. Ага полктогу 2200 жоокердин 1500ү чыгарылып турчу. Биз бир нече топко бөлүнүп, калк жашаган территорияны курчап алып, душмандарды таап, курал-жарактарын конфискациялоо тапшырмасын аткарчубуз. Бул өтө кооптуу жана опурталдуу иш эле. Аскер бөлүгүнө кечинде кимибиз тирүү кайтарыбызды билбейбиз... Моджахеддер эң алды менен полковник, подполковник, майор сыяктуу ага офицерлерди атып жок кылышчу. Мисалы, советтик 1 офицердин "башы" 500-1000 долларга бааланып калган. Ошондуктан биз – офицерлер катардагы жоокердин формасын кийип, погонго сыя карандаш менен эки жылдызча тартып алып чыкчубуз. Душмандар офицерди тагынган куруна, хром өтүгүнө, сумкасына карап таанып алышчу. Ошондуктан биз кийинчерээк Москвага жалаң жоокерлердин кийимдерине заказ берип, гранаталарды, ок салуучу магазиндерди ж.б. айрым согуш куралдардын сырткы түсүн өзгөртүп чыгарууну сунуштадык. Ал түгүл танкаларды кантип командирге, наводчикке ыңгайлуу кылып өзгөртүп чыгаруу боюнча Ооганстандагы командачылык сунуштарды жиберчү. Анткени, моджахеддер батарейка, тротил улаштырылган гранаталарды колго жасашып, техникаларды жана адамдарды жардыра башташкан.

Оогандардын үйлөрүнө чет элдик жоокер ичкери баш багып сүйлөшүүсүнө тыюу салынчу. Ошондуктан биз тарапта болуп согушкан өздөрүнүн армиясынын же коопсуздук кызматынын өкүлдөрү киргизилчү. Бир күнү кыштактарды аралап жүрүп, жаныбызда келе жаткан жоокерди таппай калдык. Топ-топко бөлүнүп алып, көчөлөрдү түрө кыдырып издеген соң, жүрөгүм бир жаман нерсени сезди. Көрсө, моджахеддер бир короонун жанынан кармап, колго түшүрүп уурдап алышыптыр. Аны капчыгай тарапка алып баратышкандыгы боюнча мага кабар жетти. Биз душмандарды кууп барып, аткылай баштадык. Алар жоокердин башын балта менен чаап өлтүрүп таштап кетишти. Ошол күнү кеч киргенге чейин улам атышып, кайра токтоп жатып моджахеддердин бир нечесин жок кылдык. Жоокердин сөөгүн аскер бөлүккө алып келип, эртеси Украинадагы ата-энесине жөнөттүк...

Боордоштор адабиятынан

Алма АКЫЛБАЙ кызы,
казак акыны

Алгач сени көргөнүмдө



Алгач сени көргөнүмдө –
Жалбырттап чыгып жанарым,
Кирпиктерим дирт этти,
Бир кудурет солк эткизди
жүрөктү.
Жанар тоолор атылгандай
абайсыз,
Жалын келип жан дүйнөмдү
дүрбөттү.

Алгач сени көргөнүмдө –
Көңүлүмө көктөм келип,
Азоо өзөн туйлады.
Бул сезимге башын ийип,
Аалам тунуп турганы.
Жер сүйүнүп, күндөн түшкөн
үзүлүп,
Жүрөгүмө ысык чокту куйганы.

Алгач сени көргөнүмдө –
Жанга жайлуу жаздын
айлуу кечинде.
Кара жер да сабырынан
айрылып,
Силкингени эсимде.
Толкундары жээгине урунуп,
Буркан-шаркан түшкөн эле
Есилде.

Алгач сени көргөнүмдө,
Бул дүнүйө бир саамга
жутулуп,
Ай менен Күн тутулуп,
Багытынан жаңылышып
өзөндөр,
Жаңырыктап, ойлор-кырлар,
кезеңдер,
Убакыт да өз жолунан адашып,
Токтой калды баратып.

Алгач сени көргөнүмдө –
Бардык аалам дирил кагып
кеткенде.
Жерден көккө карап жатып
кадалып,
Куштун жолун таап алдым
асмандан.
Эми жаным, көккө кетүү куш
болуп,
Экөөбүзгө ишке ашпаган –
бир арман.

Которгон
Темирбек АЛЫМБЕКОВ,
“Кыргыз Туусу”

Укkан кулакта жазык жок

Талды-Суунун такмазалары

Мелис СОВЕТ уулу, “Кыргыз Туусу”



Менин балалыгым жаратылышы керемет, бирок климаты “беш ай бейиш, жети ай кейиш” болгон Ат-Башы районунун Талды-Суу айылында өттү. Эс тартканы айылдаштардын мурда-кийин болгон кызыктуу окуяларын угуп, көрүп калдым. Башка айылдарда кандай билбейм, бирок, бизде ар бир эле экинчи адам кырып, какшыктап, чымчып сүйлөйт. Ошол эле укмуш икаяларды, окуяларды сүйлөгөндөр, какшыктагандар кайра бири-бирин “күпүрчү” деп чымчып коймойлору да бар. Анда ошол Талды-Суу айылынын такмазаларынан окурмандарга сунуштайм. Катачылык кетсе айылдаштарым айып этишпес.

“Көрбөйсүңөрбү мендей пилди”

Айылыбызда көп жыл чабан болуп иштеген Үмөт Алакунов деген аяш атабыз бар эле. Ал киши сыртынан өтө момун киши көрүнгөн менен акырын жылдырып сүйлөгөндө укkандар боору эзилип калчу. Бир курдай ал кишинин кошуналары чогулуп калышат. Анан бири “Мен баланча кошунамдын кылык-жоруктарына ушунча жыл чыдап жашадым, кыйын экемин” десе, дагы бирөөсү “А мен болсо түкүнчө кошунамдын жоруктарына чым дебей эле келе жатам” дейт. Ошентип ар кимиси улам бирөөнү айтып мактанып киришет. Үн катпай отурган Үмөт аке бир кезде “Биягым Токтор жинди, тиягым Жашар жинди. Ошого чыдап жашап келе жаткан көрбөйсүңөрбү мендей пилди” деген тура. Ошондо жанагы бири-бирине сөз бербей бакылдап жаткандар боору эзиле каткырышып, жерге сулаптыр. Көрсө, Үмөт акенин кошунасы Токтор аке жаш кезинде ат менен далайлардын жүрөгүнүн үшүн алса, Жашар аке да (өз аты Жумакун) кызыганда Улуу Ата Мекендик согушка катышканын айтып, “Көпкөнский Марусялар” деп кыз-келинге кызыкты салчу тура.

“Жер тоголок, жээрде ат кайда жоголот”

Дагы бир жолу ошол Үмөт акенин жээрде аты жоголуп кетет. Балдары ары издеп, бери издеп табышпайт. Анан ал киши өзү издеп чыгат. Төрлөрдү кыдырып жүрүп бир жерден атты табат. Аны көрүп, көөнү жайланып кечинде үйүнө келет. Анан балдары: “Ии ата, бизди шылдыңдап жаттыңыз эле, таптыңызбы өзүңүз?” деп сурашат. Анда Үмөт аке шашпай: “Ээ балдарым, жер тоголок, жээрде ат кайда жоголот. Аман болсо кайрылып келер, келбесе дагы бир жерде өлөр” деп коёт дейт табышмактатып.

“Алма тергени баратам”

Айылыбызда дагы бир Асанкадыр деген аке бар эле. Ал киши, атам жана башка бир топ айыл аксакалдары көп жыл карта ойноп калышты. Алардын үйдө, эрте жазда тоборсуп, көктөй түшкөн дөбөчөлөрдө бака-шака түшүп карта ойногону айылга көрк, шаң берип турар эле. Ойноп жатышып чырдаша кеткенде картаны ыргытып жиберип, экинчи көрүшпөчүдөй болуп туш-тушка басып кетишет. Эртеси эле кайра бири-бирин кол булгалап чакырышып, картасына киришчү эле. Атаганат, азыр ошол кезге кайра бир баргым келет.

Ошол чачы, сакал, муруту куудай аппак Асанкадыр аке көп жашады. Көзү өткүчө өзүнө тың болуп, үйүнө жата албай балдары менен кошо чөпкө да чыкчу. Кээде чалгы чыңап чөп чапса, кээде чөмөлө салып калчу. Дыйкан чарбага бөлүнгөн, айылдан бир топ чакырым алыс үлүш жерине ал киши жөө бара жатканын көп көрүп калдым. Ошол аксакал адатынча айрыны ийинге салып Керүүгө бара жатса алдынан тоодон кымыз артынып түшүп келе жаткан Акылбек деген байке чыгат. Асанкадыр аке менен учурашып: “Оо Асанкадыр аке, таң атпай каякка?” деп тийише сурайт. “Ой, жөн отурбай балдарга кол кабыш кылайын деп эле” дейт Асанкадыр аке. Кийинки күнү да Акылбек байке Асанкадыр акенин алдынан чыгып баягы суроосун узатат. Анда да Асанкадыр аке акырын жооп узатып сапарын улайт. Үчүнчү күнү да айры көтөрүп жөө бара жаткан Асанкадыр акенин алдынан Акылбек байке чыгып учурашып: “Ой жарыктык киши, карга бок чокуй электе каякка жөнөдүңүз?” дейт. Анда ачуусу келип кеткен Асанкадыр аке айрысы менен тигиге тап берип: “Алма тергени баратам, көрбөй жатасыңбы?!” деген тура.

“Мен сенден кийинки балдарды тааныбай калдым”

Бапыраң деген аяш атабыз бар эле. Ал киши чабан, атам мугалим болуп, атам ал кишиден бир топ кичүү болсо да өмүр бою экөө бири-бирине жакын болушту. Атам аны “Бапке” деп сыйласа, аяш атабыз атамды “Савелең” деп ызаттачу. Экөө дос болгондуктанбы бала кезде Бапыраң акеникине көп барчубуз. Жайлоого чыкса атамдар дайыма аныкына өрүлүктөп барышып, кеч күздө бири-бирине сөзсүз согум ооз тийгизишчү. Чабан болгондуктан Бапыраң аке атамдын бир тууган агасы, көп жыл колхоздун алдыңкы чабаны болгон Сейдибакас абам менен да жакшы эле. Бир эсе экөөнүн жашы да теңчамалаш болчу.

Ошол Сейдибакас абамдыкына шаардан алысыраак тууганыбыздын бир баласы келип калат. Аны жайлоого учкаштырып барган абам кошуна жайлаган Бапыраң акеге аны көрсөтүп: “Бапке, бул баягы баланчанын баласы эмеспи” десе, пайгамбар жашынан өтүп калган Бапыраң аке: “Ээ Сейди, мен сенден кийинки балдарды тааныбай эле калбадымбы” деген тура. Экөөнүн көзү өтүп кетсе да Бапыраң акенин ал сөзү эмдигиче эл ичинде айтылып келет.

Советтикиби же кытайдыкыбы?

Айылда Кубан деген жездебиз бар. Анын атасыкудабыздын аты Өмөр. Ал кишинин аталары Үркүн убагында Кытайга качып, кайра келишкен экен. Ошол себептен айылда кудабызды кытай Өмөр дешчү. Союз тарап, Кыргызстан эгемендүү өлкө болгон жылдары айылга Кытайдын телевизорлору келе баштаган. Кубан жездебиз мал сатып бир кытай телевизор алат. Аны майлап берейин деп тамак жасап, эже-жездебиз ата-энесин үйүнө чакырат. Улгайып калган Өмөр куда кирип келип эле: “Ии, бул советтики бекен?” (илгеркичесинен советскийби дегени) десе шашып кеткен эжем: “Жок ата, бул кытайдыкы!” дептир. Азыр муну эстеген сайын жездемдин балдарынын боору эзилет.

“Котур билбеген, сокур билмек беле”

Айылыбызда Төлөгөн Иманалиев деген урукташ тууганыбыз бар эле. Кезинде ал киши айылдын башкармасы, мектептин директору болуп иштеген, өтө билимдүү киши болгон. Анын агасы, узун бойлуу, олбурлуу Сыдык аке белгилүү куудул Асанкул Шаршеновго окшогон киши болчу. Бетинде бүдүр болгондуктан аны жөн жүрбөгөн айыл эли “Котур Сыдык” деп атап алышкан. Сыдык аке колхоздо көп жыл эмгектенди.

СССР тарап, жер, мал элге таратылып бергенден кийин атам ат араба жасады. Аны атка чегергенге райондон жипшуусу, кайышы менен каамыт сатып келди. Арабаны атка чегере албай койгон атам Сыдык акени чакырттырып келди. Ал киши каамыт менен бир топ алышып, атты арабага чегере албай койду. Бир кезде атам: “Ой балдар, бир билсе муну анда Турган аке билет. Баргыла бириң барып аны чакырып келгиле!”,-деп калды (ал кишинин бир көзү азиз эле). Анда Сыдык аке: “Ээ Совет, кызык экенсиң. Муну котур билбеген, сокур билмек беле”, – деди. Жардап тургандар тарс жарыла каткырдык.

“Төртүнчүсүн “котур” коюп алышабы?”

Ошол Сыдык акенин улуу баласы эки уулдан кийин кыз неберелүү болот. Райондон келген бирөө Сыдык акени тооруп: “Ой, Сыдык аке сүйүнчү! Кыз неберелүү болдуңуз. Бирдеме кылбасаңыз болбой калды” дейт. Болуптур деп Сыдык аке ага бир бөтөлкө алып берип ичип отурушат. Бир кезде Сыдык аке “Ии баса, неберемдин атын ким деп койгону жатышыптыр?” деп сурайт. Тигил киши: “Банур” деп коёбуз деди го” дейт. Анда Сыдык аке: “Ээ кокуй, биринчиси Тимур, экинчиси Артур, үчүнчүсү Банур, эми төртүнчүсү төрөлсө булар “котур” деп коюп алышабы?” дегенде отургандар ыкшып жыгылган тура.

Кыргыз спортунун легендалары

Олимпиадалык коло медаль ээси
Александр Абушахметов

Кылыч чабышуу өнөрү өзгөчө талантты, шык-жөндөмдү талап кылат. Ички маданият, гармония, сезимталдык, сергектик да болушу зарыл. Александрда мындай сапаттардын баары бар эле. Себеби ал театрды, опера, балетти сүйчү. Учурунда баскетбол жана велоспорт менен да машыккан. Анан бир спортту тандап, андан майнап чыгарып, өзүн көрсөтүүнү самады.

Баскетбол командалык оюн болгондуктан андан суурулуп чыгуу, эл аралык аренага таанылуу кыйын эле. Велоспорттун түйшүгү да оңой эмес. Анан калса техникалык жабдуулары, спорттук велосипеддин өзү да кымбат. Саша жети өлчөп, акыры фехтования спортун тандап алды. Бул спорт жандүйнөсүнө да жакын сезилип, орто кылымдардагы батыш өлкөлөрүндөгү рыцарлардай каармандык көрсөтүүнү самады. Анын спорттун бул түрүнө кызыгып калуусуна башкы түрткү – бир жолу ата-энесинин курбусу Виктор Войченконун үйүнө мейманга барып калышы болду. Ал фехтования боюнча машыктыруучу эле. Анын үйүндөгү мелдештерде жеңип алган медалдарын, байгелерин, дипломдорун кызыгып карап, төргө илинип турган шпаганы кармалап көрдү.

– Шпага менен машыгып, өзүңдүн күчүңдү сынап көргүң келеби? – деди шпаганы кармалап, кызыгып турган Сашага Виктор Васильевич.


– Албетте, машыгууну каалайм. Мен дагы атактуу үч мушкетердой баатыр болгум келет, – деди Саша токтолбой. Себеби Сашанын атасы да жаш кезинде фехтования менен машыгып, белгилүү устат Виктор Войченко менен теңтуш эле.


– Вениамин, сен жетпеген бийиктиктерге уулуң жетсин. Кан тартат деген ушул. Мына сенин жолуңду жолдоп, Сашаң таанымал спортчу болсун. Келишимдүү бою да узун жигит болгон тура. Жаңы жылдан баштап келсин, – деди В.Войченко.

Сашанын сүйүнүчүн айтпа! Шпаганы алып, өзүн рыцарлардай сезип, балалык таттуу кыялдардын кучагында калды.

1967-жылы жаңы жылды тосушуп, кышкы каникул башталаары менен Бишкектеги Ленин атындагы (учурда Кожомкул) спорт ордосундагы фехтование ийримине катыша баштады. Тубаса шыңга бойлуу болуп, буга чейин баскетболго катышкандыктан башка балдарга караганда өзүнүн шамдагайлыгы, чапчаңдыгы менен айырмаланып, ыкмаларды бат өздөштүрүп, бир дагы машыгууну калтырган жок. Техникалык көнүгүүлөрдү да тажабай аткарып, бутуна бекем тура баштады.

Александр Абушахметов 1954-жылы Бишкек шаарында төрөлгөн. Кыргыз спортунан таалим, тарбия алып, чоң спортто ийгиликтерге жетишти. Фехтование өнөрүнүн шпага түрү боюнча ал жеткен бийиктикке азырынча эч ким жете элек.





Анын чыдамкайлыгы, машыктыруучу көрсөткөн каталарын оңдоого болгон аракети, бир нече саат болсо дагы бардык ыкмаларды үйрөнүүгө дилгирлиги устатына майдай жакты. Айрым балдар бир нече жолу «укол» алгандан кийин чыдабай ыйлап же кийинки машыгууга келбей калышчу. “Укол дегени” фехтованияда атаандашынын аны сайып, упай алганы. Саша «укол» алып, эти ооруса дагы чыдап, булчуңдарын чыңдап, каталыктарынан сабак алып, чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө иштеди. Бош убакытысында спорт ордосуна келип, машыгуусун үзгүлтүк кылбады.

Мындай талбаган аракеттин акыбети кайтып, машыккандыгына жарым жыл өтпөй республикалык биринчиликте байгелүү орунду ээлеп республиканын атынан 1968-жылы мектеп окуучуларынын Бүткүл союздук спартакиадасына катышты. Натыйжа жаман болгон жок, алтынчы орунду ээлеп, өзүнө ишеним жаратты.

1970-жылы социалисттик мамлекеттер арасындагы эл аралык турнирде уландар командасынын катарында күмүш медаль тагынып, келечегинен үмүткөр кылып, адистердин көңүлүн бурду.

Ошол эле жылы СССРдин чемпионатында алтын медалга ээ болуусу, аны СССРдин жаштар курама командасынын катарына кабыл алынуусуна жол ачты. 1971-жылы федерация жетекчилери аны СССРдин жаштар тандалма командасынын катарында дүйнө чемпионатына катышууга ишеним көрсөтүштү. Александр ал ишеничти актап, Канадада өткөн жаштар арасында дүйнө чемпионатында күмүш медалды жеңип алып, адистердин ишеничин актады. 19 жаштагы Александр Абушахметовго «СССРдин эл аралык даражадагы спорт чебери» деген ардак наам ыйгарылды. Салт катарында, ал убакта мындай ардак наамга баралына жетип, 25-26 жаш куракка барганда гана ээ болушчу.

Жыл өткөн сайын Сашанын чеберчилиги жогорулап, 1973-74-жылдары “Таллин кылычы” эл аралык мелдештеринде, мыктылардын сабына кошулуп, күмүш байгени камсыз кылган. Ошондой эле ал «Алтын шпага» байгесин утуп, эл аралык аренада Кыргызстанды таанытканы.

Александр Абушахметов СССРдин тандалма командасынын курамында 1976-жылы Монераль олимпиадасына катышып, өлкө намысын коргогон. Ошол учурда ал СССРдин тандалма командасынын мүчөсү катары дүйнө чемпионаттарында байгелүү орундарды ээлеп, мыкты спортчулардын сабында турган. Ошентсе да, аны олимпиадалык командага акыркы саналуу күндөр калганда гана кошушкан. Себеби, СССРдин спорт жетекчилери аны өтө жаш, анан дагы көздөгөнүн бербеген кежир жигит дешип, ишенбей турушканда, устаттары анын таламын талашып, коштурушкан.

Чынында эле устаттары жаңылышкан эмес экен. Канадада өткөн жайкы олимпиадалык оюндарда Александр командалык эсепте СССРдин командасына коло байге утуп берүүгө салым кошту. Анын мындай ийгиликтерге жетүүсүнө даңазалуу устаттар Александр Дизендроф менен Владимир Дониндин салымы зор болгон. Алар айыгышкан салгылашуу учурунда туура чечим чыгарууну, учурду, атаандаштарынын каталыктарын жаза кетирбей, дароо чабуулга өтүп, упай алууну, шпага чабышуунун терең сырларын үйрөтүшүп, чыныгы рыцарь кылып тарбиялашкан.

Анын спорттогу ийгиликтери уланып, 1977-жылы Таллинде өткөрүлгөн СССРдин чемпионатында да баш байгеге арзып, алтын медаль тагынган. 1981-жылы СССРдин чемпионаттарында жеке таймашууларда жеңүүчү аталган.

1978-жылы Аргентинанын борбору Буэнос-Айресте өткөн дүйнө чемпионатында СССРдин тандалма командасынын катарында намыс талашып, коло медаль тагынган.

1978-жылы Дүйнө кубогунда баш байгенин ээси болсо, ошол жылы Германиянын Гамбург шаарында өткөн дүйнө чемпионатында дагы командалык эсепте СССРдин күмүш байге утуп, экинчи орунду ээлешине салымын кошкон. Ал эми 1979-жылы Австралиянын борбор шаары Мельбурн шаарында СССРдин жылдызы жанып, шпага түрүнөн командалык эсепте дүйнө чемпиону аталып, бул жеңишке салым кошкон Александр да алтын медалдын ээси болгон.

1980-жылы Москва олимпиадасында кыргызстандык Александр Абушахметов фехтованиенин шпага түрү боюнча командалык таймашууларда өнөр көрсөткөн. Ал жыйырмадан ашуун атаандаштарынан озуп, командалык эсепте коло медалдын ээси болгон.

Ал Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун бүтүргөн. Москва олимпиадасынан кийин ал СССРдин баш калаасында биротоло калып, эл аралык турнирлерге катышкан. Москва олимпиадасынан беш жыл өткөн соң чоң спорт менен коштошуп, атактуу ЦСКА спорт клубунда машыктыруучу болуп, ондогон мыкты спортчуларды тарбиялап, шпага чабышуунун сырларын, ыкмаларын үйрөтүп, аларга бай тажрыйбасын бөлүшкөн.

Өкүнүчтүүсү – болуп-толуп турган 41 жаш курагында 1996-жылы жүрөгү токтоп, Москвада каза болгон. Чоң спорт, көп жылдар машыгуу, ой-санаага батырган мелдештер анын ден соолугуна таасирин тийгизип, энергия, күч-кубатын алып койсо керек.

СССРдин тандалма командасынын устаты Павел Колобков: «Александр техникалык-тактикалык ыкмаларды мыкты аткарчу. Ал өз учурунун чыгаан спортчусу, адамкерчилиги бийик мыкты инсан эле. Менин фехтования спорту менен машыгуума ал себепкер болгон, – деп эскерет.

Анын кыргыз спортуна кошкон салымы, кыргызстандыктар тарабынан дайым эскерилип келет.

Бетти даярдаган
Кабыл МАКЕШОВ,
Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, спорттук баяндамачы

Алдыда олимпиада оюндары

Париж менен Эйфелдин элеси түшүрүлгөн медалдар кимге буйруп турат?

8-февралда Париж-2024 уюштуруу комитетинин кеңсесинде 2024-жылкы Олимпиада оюндарынын жана Паралимпиада оюндарынын медалдары коомчулукка расмий тааныштырылды.

2024-жылкы оюндардын жеңүүчүлөрүнө ыйгарыла турган алтын, күмүш жана коло медалдарында Париж шаарынын жана бүткүл Франциянын символу болгон Эйфель мунарасынын бир бөлүгү болгон металлдын бир бөлүкчө кертими болот.

2024-жылкы олимпиада оюндарын уюштуруу комитетинин башчысы Тони Эстангунун айтымында, мындай чечим медалдарды уникалдуу жана кайталангыс, эсте калаарлык кылуу каалоосу менен шартталган.

– Биз Эйфель мунарасынын баштапкы металлынын кээ бир бөлүгүн, темирдин бул олимпиадалык медалдарда болушун жана 2024-жылкы оюндардагы спортчулардын байгелеринде ошол темирдин кооздук катары болушун кааладык, – дейт Эстангу. – Бул саамалык олимпиада оюндарын жеңген спортчулар үчүн эсте калаарлык окуя болмокчу.

2024-жылкы олимпиада оюндары 26-июлдан 11-августка чейин өтөт.

Буга Кыргызстандын учурда 5 жолдомосу бар. Олимпиадага катышууга укук алышкан Айсулуу Тыныбекова, Айпери Медет кызы (кыз-келиндер күрөшү), Акжол Махмудов, Жоламан Шаршенбеков (грек-рим күрөшү) жана Денис Петрашов (сүзүү) даярдык көрүп, машыгып жатышат. Олимпиада оюндары башталганга чейин дагы жолдомо алууга дилгир спортчуларыбыз үчүн алдыда дүйнөлүк, континенталдык мелдештер турат. Апрель айында грек-рим, эркин күрөш жана кыз-келиндер күрөшү боюнча Азия континенталдык жолдомо ыйгарыла турган турнир Бишкек шаарында өтөт. Мында дагы балбандар жолдомо жеңип алышы ыктымал.

Эгемен өлкө болгону кыргызстандык спортчулар жайкы олимпиадалык оюндарда 3 күмүш, 4 коло байге уткан. Күйөрмандар көптөн күткөн алтын байгелерди Париж олимпиадасынан спортчуларыбыз утуп алаар деп үмүт кылып турушат.

Адабият

“Орустун мүрзөсүнө кыргыз барып Куран окуйт деген эмне шумдук! Мугалим адамдын кылар ишиби бул...”

(Башталышы гезиттин өткөн сандарында)

Шаа МУКАС

Шопендин вальсы

(повесть)



Бирок жаназасы исламча окулуп, сөөгү христиан көрүстөнүнө жашырылган бүгүнкүдөй окуя болорун мусулмандары да, мусулман эместери да күткөн эмес. Кырсык Женянын айылга келген мезгилине туш болгонунда да бир сыр бар шекилдүү.

...Адыл августтун аптаптуу күндөрүнүн биринде өзү куруп жаткан тамында асынып калганын кошунасы Төрөбек көрүп калып, тегерек-четтегилерге, туугандарына чуу салып кабарлап жиберди. Мал кезүүгө кошкону айдап бараткан төрт-беш жандыгынын ичиндеги бир эчкиси чарбактан секирип өтүп, Адылдын жаңы тамынын тегерегиндеги теңге бедени кыртылдатып жеп жаткан. Ошону айдап чыгам деп огородго аттап өткөн Төрөбек тамдын ичинде илинип турган сөлөкөттү көрө салып, жаны оозуна кептеле түштү. Аярлап басып жакын келсе – Адылдын өзү. Жаңы курулуп жаткан, анан бир-эки жылдан бери курулушу токтоп калган төрт бөлмө болчу бул тамдын жанына кошуна-колоң, тууганлары заматта эле чогула калышты. Чыпалактын жоондугундай кабатталган кытайдын синтетика жибин кесип, сөөктү жерге жаткырышты. Дене муздап калыптыр. “Түндө асынса керек” деп болжоп коюшту. Көйнөгүнүн төш чөнтөгүнөн чыгып турган кагазды алып окушса, керээзи экен. “Үйү жок деп эсептебегиле. Сөөгүмдү үйүмдөн алып чыгып жатасыңар. Картайганда өлөйүн деген тилегиме жеткен жокмун, жеткиришкен жок. Жаназамды Сырганын үйүнөн окуп, сөөгүмдү Нина апамдын жанына койгула. Жаназама Женя да турсун.”

Элүү жылдай илгери бир кучактап өпкүлөгөн орус аялдын ошол жоругу Адылдын жан дүйнөсүн өмүр бою жарык нурга, мээримге бөлөп жүрдү. Энелик мээримге карк болуп чоңойбогон Адыл өлгөндөн кийин да ошол апасынын жанына жатып, жан дүйнөсү аркы дүйнөдө да эне мээримине балкып өтсүн деп тилеген тура.

Сөөк Сырганын үйүнө тигилген боз үйдө. Адыл кийинки келинчегине үйлөнүп, аны менен түтүн булатканына эки жылча гана убакыт болгон, бирок азырынча өз үйү жок эле. Батирлеп жашап, акча топтоп, экөө тең соода-сатыкка аралашып жүрүшчү.

Сөөк жашыруунун түйшүгү Адылдын туугандарын, анан да үч айыл болуп жамаатка бөлүнгөн айыл элинин молдокелерин өйдө-ылдый ойлорго салды, кайым айтыштырды. Орус-кыргызы аралашып жашаган жогорку айылдын молдокеси Таалай теңирден тескери сүйлөп туруп алды:

– Мындай өлүмгө жаназа окулбайт деп айтылат шариятта. Орус молдо чакыргыла, ошол окусун жаназасын... Бул өзү да орус мүрзөгө барып Куран окуп жүрчү дешет. Ошолордун дининде окшойт.

Ортоңку айылдын молдосу Бопуш шопур болуп жүрүп дин жолуна кечээ жакында эле өткөн. Таалайга караганда такыбалыгы тайкыраак эле – ал илең-салаң оюн айтты:

– Майыттын керээзин аткаруу да лаазым. Жакындары эмне дейт, аларды да угалы.

Бопуш молдонун бул оюна сөөк чыгып жаткан төмөнкү айылдын “таксис молдосу” Мырза кошула турган пикирин билдирди:

– Сөөк ээси –туугандары, үй-бүлөсү. Алар эмне десе ошондой болот. Бирок орус апасынын жанына койгула дегени кандай болот? Мусулманча кепиндеп жаназа окуп, анан костюм-шым кийгизип табытка салабызбы?

Молдокелердин мындай талашына Адылдын алысыраак тууганы, шартылдаган Саякбай чекит койду:

– Бул аялынан сурасак, орус апасынын жанына койгонго макул болду. Жаназасын окубайбыз десеңер айткыла, өзүбүздүн деле молдолор бар.

(Уландысы бар)

Талас – Фрунзе – Ростов-на-Дону – Днепродзержинск – Полтава

Считать недействительным

Утерянная лицензия серии ГПЮ № 0041509 , рег. № 120587-3310-ООО от ОсОО “Самайт” считать недействительным.

Түзөтүү

Кыргыз-Туусу газетасынын 2024-жылдын 6-февралындагы №9 (24781) жарыланган Нарын шаарындагы М.Мырзабеков атындагы №87 Кесиптик лицейине тиешелүү сериясы Б №015931 номерлүү 05.12.2012-жылы берилген жер участогун мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдалануу укугу жөнүндө мамлекеттик акт жана №4-05-02-0002-0391 номерлүү 19.09.2012-жылы берилген кыймылсыз мүлктүн техникалык паспорту табылгандыгына байланыштуу жараксыз деп окулсун.

Жараксыз деп табылсын

Деванакулова Айтбу Кадырбековнага таандык Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн Кызыл-Байрак айылында жайгашкан үлүш жердин (идент. коду: 5-04-08-0015-0151) 02.11.2007-жылы берилген сериясы: ОКС-8-07 №029800 сандуу күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. **ТА**

Маевский айыл окмоту

объявляет аукцион (торги) по предоставлению земельного участка в частную собственность находяйщийся с. Маевка, ул. Сельская № 1 площадью 0,0244 кв.м.

Стартовая стоимость 156600 сом.

Шаг аукциона 05% от стартовой стоимости.

Дата проведения аукциона (торги) 14 март 2024 год в 15-00 часов .

Конкурс состоится в здании Маевского айыл окмоту .

По всем вопросам обращаться с. Маевка, Маевский айыл окмоту тел: **0312 39-56-57.**

МБанк

Считать недействительным

Утерянные бланки разрешения для международной перевозки от **ОсОО “Интерлоджистикс”** Турции для третьих стран 2023 года

№566295

№566296 считать недействительным.

П-87

Считать недействительным

Утерянные бланки разрешения для международной перевозки от **ОсОО “Интерлоджистикс”** Республики Казахстан 2023 года

№0159369

№0159936 считать недействительным.

П-87

Считать недействительным

Утерянные бланки разрешения для международной перевозки от **ОсОО “Интерлоджистикс”** Турции (порожение) 2023 года

№566792

№566791 считать недействительным.

П-87

Считать недействительным

Утерянные бланки разрешения для международной перевозки от **ОсОО “Интерлоджистикс”** Эстония 2023 года №042461 считать недействительным.

П-87

Считать недействительным

Утерянный документ земельной участки серии № 6369 от 26.12.2001 года, идент. код 4-04-01-1004-0031 по адресу: Нарынская область, Кочкорский район на имя **Исмаилова Токтобека** считать недействительным.

П-90

Считать недействительным

Утерянный государственный акт о праве частной собственности на земельный участок серии №Ч 919909 от 21.09.2020 года, идент. код 1-04-21-0036-2013 по адресу: г.Бишкек, Октябрский район, ул.Багыш (ж/м Кара-Жыгач), д.20а и договор купли-продажи № 2010/11108 от 08.09.2010 года на имя **Бекбоевой Айнуры Казбековны** считать недействительным.

П-

Считать недействительным

Утерянные бланки разрешения для международной перевозки от **ОсОО “Интерлоджистикс”** Республики Азербайджан 2023 года

№0306319 считать недействительным. **П-87**

Считать недействительным

Утерянные бланки разрешения для международной перевозки от **ОсОО “Интерлоджистикс”** Узбекистана 2023 года для третьих стран

№773972

№773973

№823209

№820889 считать недействительным. **П-87**

Считать недействительным

Утерянные бланки разрешения для международной перевозки от **ОсОО “Интерлоджистикс”** Грузии 2023 года

№23-218524

№23-215728

№23-216679

№23-218962

№23-218963

№23-219112

№23-219113

№23-215730 считать недействительным. **П-87**

Считать недействительным

Утерянное свидетельство на право пользования земельной долей серии № 909 от 17.07.1998 года , идент. код 4-04-01-1003-0524 и договор купли-продажи 2021-9898 от 17.11.2021 года по адресу: Нарынская область, Кочкорский район,с.Кара-Суу на имя **Исмаилова Сардарбека Токтобековича** считать недействительным.

П-91

Считать недействительным

Утерянное свидетельство на право пользования земельной долей серии № 611 от 22.11.1985 года, № 5675, идент. код 6-03-05-0008-0118 контур № 267 по адресу: Таласская область, Манасский район, Уч-Коргон а/о на имя **Качкынбаева Шайлоокана** считать недействительным.

МБанк

Считать недействительным

Утерянное свидетельство на право пользования земельной долей серии № 574 от 08.04.2003 года выданный Кеминским РЗУ по адресу: Чуйская область, Кеминский район,с. Жаны-Алыш на имя **Бейшебаевой Джамала Бакировны** считать недействительным.

МБанк

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17-декабрь 2021-жылдын №309 токтомунун негизинде асыл тукум, үрөн чарба жана кооперативдерге мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча Нарын району боюнча такталган

ТИЗМЕСИ

№	Айыл өкмөтү	Участканын аталышы	Контуру	Сугат га	Кайрак га	Баардык аянт га
1	Ак-Кудук	Кытай-Арык	1789		30	30
			1790		9,6	9,6
			1791		10,4	10,4
			3688	31,15		31,15
			3687	1		1
			3694	16,25		16,25
			3695	7,9		7,9
			3692	1		1
			3689	2,9		2,9
			3693	5,35		5,35
			4698	4,5		4,5
			4705	38,7		38,7
			4707	30,25		30,25
			4706	12,55		12,55
			3708	2,2		2,2
			4708	1,6		1,6
			3691	3		3
			3700	0,8		0,8
			3684	8,6		8,6
			3685	4,9		4,9
	Баары			**172,65**	**50**	**222,65**
			565	2,4		2,4
			568	2		2
		Кум-Булуң	149	1		1
		Кызыл-Чап	560	2,5		2,5
	Баары			**7,9**		**7,9**
3	Жерге-Тал	Моло	43-43-4 8	88		88
			37-38	25		25
			5108	23		23
			44164	33		33
			78	14		14
			80.83.84	7		7
		Тогуз-Коо	5138	11		11
	Баары			**201**		**201**
4	Чет-Нура	Мүрзөнүн үстү	1684	20		20
		Кут-ай	454-455	6		6
		Шор	2135	19,5		19,5
		Эшимбек-Аңыз, Сасык-Булак	2103	13,3		13,3
		Туз	1283	15		15
			1184	2,2		2,2
			2214	2		2
			2225	1		1
		Контордун-Төшү	2722	8		8
	Баары			**87**		**87**
5	Казан-Куйган	Кара-Талаа	273	5,54		5,54
			3441	1		1
			349	2,2		2,2
	Баары			**8,74**		**8,74**
6	Орток	Көтөрмө	1642	21,8	21,8	
		Чалкак	2194	40	13	53
		Майбулак	2080	22		22
		Кайыңды	396	11		11
		Орос Сарай	1651	21		21
		Чырпыкты	304-310	75,4		75,4
		Ардакты	114	6,7		6,7
	Баары			**175,9**	**35**	**210,9**
7	Эмгек-Талаа	Шафер-Аныз	1667	5,5		5,5
			1677	13		13
		Тегерек	6014		15,3	15,3
		Кайырма	1360	27,6		27,6
			1361	22,7		22,7
		Ылайлы-суу	1096		34,7	34,7
		Калдоо	203	16		16
			303	8		8
			266	10,7		10,7
	Баары			**103,5**	**50**	**153,5**
8	Сары-Ой	Мүрзөнүн үстү	426	5		5
		Комплекстин алды	428	22,8		22,8
		Кыштактын-Чыгышы	125	18		18
		Кайкалак	559	5,2		5,2
	Баары			**51**		**51**
9	Кара-Кужур	Кор-Булак	Б-К-З	2,3		2,3
			44-52	2,3		2,3
	Баары			**4,6**		**4,6**
10	Дөбөлү	Көк-Ой (кургак)	614	5,42		5,42
		Тай-Сарай	177	4,64		4,64
			910	10,2		10,2
		Тегирмендин үстү	161	3,7		3,7
		Көк-Айгыр	166	9		9
			167	2,5		2,5
	Баары			**35,46**		**35,46**
11	Миң-Булак	Көр-Булак	185-189	12		12
			148	26,19		20,19
			117-106	64,88		64,88
			139	4,6		4,6
	Баары			**107,67**		**107,67**
12	Жан-Булак	Сарыбай-Булуң	79,97	8		8
	Баары			**8**		**8**
	Жалпы район боюнча			963,42	135	1098,42

С/О

Кулактандыруу

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 17-декабрь 2021-жылдагы №309 токтомуна ылайык асыл тукум, үрөн чарбаларына жана айыл чарба кооперативдерине экономикалык жактан артыкчылыктуу айыл чарба субъектилерине ижарага берүү боюнча Нарын райондук атайын түзүлгөн комиссия тарабынан Мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү 2024-жылдын 13-февралынан 13-мартына, чейин арыздарды кабыл алуу жүргүзүлөт. Ар бир айыл өкмөт боюнча иштеп жаткан асыл тукум чарбалар, үрөн чарбалар жана айыл чарба кооперативдер 3 жылдык көрсөткүчүн тариздеген төмөндөгү иш кагаздарын Нарын райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгына тапшыруулары керек. (дареги: Нарын шаары Ленин көчөсү №74, Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын 1-кабаты, байланыш телефон: **0703 44-77-74, 0701 47-77-74.**

Арызга төмөнкүлөр тиркелет:

Арыз ээсинин – жеке жактын ким экендигин тастыктаган документтердин көчүрмөлөрү же юридикалык жакты каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү:

Берилген жерлерге тиешелүү графикти тиркөө менен болжолдонгон салымдардын суммасы белгиленген инвестициялык долбоор:

Берилген жерлерге которуштуруп айдоо планы:

Берилген жерлерде айыл чарба ишин ишке ашыруунун жаңы технологияларын (тамчылатып сугаруу, айыл чарба ишин жүргүзүүнү механизациялоо ж.б) пайдалануу жөнүндө маалымат.

Пайдаланып жаткан жер участоктору болгон учурдагы маалымат (кадастрдык маалымат, укук белгилөөчү жана укук ырастоочу документтер).

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик статистика органдарынан, салык кызматынан жана социалдык фонддон карыздардын жоктугу жөнүндө маалымкат жана акыркы үч жылдагы үзгүлтүксүз иш аракеттер жөнүндө маалымат.

Айыл чарба продукциясын өндүрүү жана сатуу үчүн материалдык-техникалык база жөнүндө маалымат.

Айыл чарба кооперативдерин кошпогондо, үрөн же асыл тукум чарбасынын тиешелүү статусунун болушу

Зарыл кадрдык камсыздоо жөнүндө маалымат.

Асыл тукум чарбалары үчүн кошумча маалыматтар

Асыл тукумду каттоо жөнүндө маалымат.

Жугуштуу жана курч жугуштуу оорулар боюнча чарбанын жыргалчылыгы жөнүндө ветеринардык маалымкат.

Үрөн чарбалары үчүн кошумча маалыматтар

Жакынкы үч жылга ар бир айыл чарба маданияты боюнча үрөн өндүрүүнүн жана сатуунун көлөмүн, үрөн сатуунун болжолдуу булактарын эсептөө менен айдоо аянттарынын иш жүзүндөгү түзүмү жөнүндө маалыматтар.

Айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүдө оң натыйжага ээ болгон экономикалык артыкчылыктуу айыл чарба субъекттерине коюлуучу талаптар.

1. Айыл чарба ишин ишке ашыруу боюнча инвестициялык долбоор
2. Айыл чарба продукциясын өндүрүү жана сатуу үчүн материалдык техникалык базанын болушу.
3. Зарыл кадрдык камсыздоонун болушу
4. Пайдаланып жаткан жерлердин болушу

С/О 60

Жараксыз деп табылсын

Капарова Ырабы Кадырбековнага таандык Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Байрак айылында жайгашкан үлүш жердин 25.12.1998-жылы берилген сериясы: ОКС-8-07 №2111 сандуу күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

ОсОО “Сыйда Строй” объявляет о закрытии (ликвидация)

серии ГР № 031931,28603302-ООО Каракол 23414017 13.10.2004года по адресу: **Иссык-Кульская область, Тонский район, с.Боконбаева, ул. Ленина 66,** ИНН 01310200410152 от 22.10.2004 года, порядковый № 585262.

Жараксыз деп табылсын

Жолдошов Токтоназар Каландаровичке таандык Чоң-Алай районундагы Чоң-Алай айыл өкмөтүнө караштуу Жар-Башы айылында жайгашкан үлүш жердин (идент. коду: 5-07-01-0014-0200) 10.02.1998-жылы берилген сериясы: О-ЧА №1233 сандуу күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

Жараксыз деп табылсын

Араван районундагы А.Анаров айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине таандык Жаңы-Араван айылындагы бирдиктүү мамлекеттик реестринде 10.02.2004-жылы катталган, жалпы аянты 13332,0 чарчы метр жер тилкенин (идент. коду: 5-02-01-1005-0219) **23.09.2016-жылы берилген сериясы: “Б”, №024935 сандуу мамлекеттик актысы жана А.Анаров айыл өкмөтүнүн 15.07.2003-жылы чыгарган кыймылсыз мүлккө менчик укугун каттоо жөнүндөгү №6 §121 чечими** жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

Аукцион өткөрүлөт

Ош шаардык сот аткаруучулар кызмат бөлүмү төмөндөгү кыймылсыз мүлктү тоорукка коюу үчүн жарыя кылат:

Ош шаардык соту тарабынан 14.07.2023-жылы берилген №ГД-813/23-06 сандуу аткаруу барагынын негизинде карызкор 12.04.1973-жылы туулган Рысалиева Эленора Курсаналиевнага таандык Ош шаарынын Раззаков көчөсүндөгү №6 үйүнүн №17 батири (идент.коду: 5-11-06-0152-0014-01-017) жалпы пайдалануу аянты 58,03 чарчы метр, жашоо аянты 41,28 чарчы метр, **2 617 150 (эки миллион алты жүз он жети миң бир жүз элүү) сом** наркта күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлкү биринчи ирет ачык тоорукка (аукцион) коюлат.

Тоорук **2024-жылдын 19-март күнү саат 10.00дө** мүлк жайгашкан жеринде өткөрүлөт.

Тоорукка катышууну каалаган адамдар төмөндөгүлөргө милдеттүү:

Тоорукка катышууга арыз берүүгө жана аукционго алардын катышуусуна тоскоолдуктар жоктугу жөнүндө тил кат берүүгө;

Тоорукка катышуучу мүлктүн баштапкы наркынын 5% өлчөмүндө Ош шаардык сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн депозиттик эсебине шерт пул төлөөгө.

Сот аткаруучунун аукционго катышууга арыздарды кабыл алуусу аукцион башталганга чейин бир күн калганда токтотулат.

Сатып алуучу протоколго кол коюлгандан кийин жети күндөн кечиктирбестен аукциондун башталышынын алдында төлөгөн шертпулдун суммасын кошуу менен мүлктүн сатып алынган наркын толук төлөөгө милдеттүү.

Сурап-билүү үчүн Ош шаардык сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн (дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү – 318, 3-кабинет) сот аткаруучусу А.Т.Закировго кайрылсаңыздар болот.

Байланыш телефондору: (**03222) 7-01-51, 0555 15-10-20.**

ТА

Ак-Талаа токой чарбасы, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2018-жылдын 10-апрелиндеги № 192 "Мамлекеттик токой фондун пайдалануу жана тескөө тартибин бекитүү жөнүндө" токтомунун негизинде мамлекеттик токой фондунун төмөндөгүдөй жерлерин конкурс менен ижарага берүү үчүн, сиздердин гезитиңиздерге жарыялап берүүңүздөрдү сурайт.

1. Ак-Тал токойчулугу, №2 кыдырмасынын "Бала-Тапан" участкасынан 1,003 га жер аянты рекрациялык-туристтик багытта.
2. Куртка токойчулугу, №2 кыдырмасынын "Көл-Карагай" участкасынан 0,215 га жер аянты рекрациялык-туристтик багытта.
3. Куртка токойчулугу, №3 кыдырмасынын "Чоң-Таш" участкасынан 1,080 га жер аянты рекрациялык-туристтик багытта.
4. Куртка токойчулугу, №6 кыдырмасынын "Ат-Кулак" участкасынан 0,534 га жер аянты рекрациялык-туристтик багытта.
5. Куртка токойчулугу, №6 кыдырмасынын "Ат-Кулак" участкасынан 0,728 га жер аянты рекрациялык-туристтик багытта.
6. Кош-Дөбө токойчулугу, №2 кыдырмасынын "Кашка-Суу" участкасынан 1,001 га жер аянты рекрациялык-туристтик багытта конкурс менен ижарага берилерин билдирет.

С/О 59

Считать недействительным

Утерянные домовые документы: домовая книга, регистрационное дело, договор купли-продажи на имя **Карыпова Нурлана Омурбековича** по адресу: г.Каракол, ул. Карасаева №48 считать недействительными.

ЖТ

Считать недействительным

Утерянный государственный акт о праве частной собственности на земельный участок серии № 919922, идент. код 1-01-06-0031-0243 по адресу: г.Бишкек, Ленинский район, ул.Леваневская 94 на имя **Абдырахманова Исламидина Абдимиталиповича** считать недействительным. **П-86**

Считать недействительным

Утерянный государственный акт о праве частной собственности на змельный участок серии 800886 по адресу: Ошская область, Араванский район, Керме-Тоо а/о., с. Кең-Сай на имя **Абдумажит уулу Орозали** считать недействительным.

П-84

Жарыя

Таш-Дөбө айыл өкмөтү тарабынан Чүй облустук прокуратурасынын административдик имаратын жана кызматтык турак жайы менен көп кабаттуу үйлөрдүн курулушу боюнча КОНКУРС жарыяланат.

ЛОТ №1

Курулуштардын дареги: Көп кабаттуу турак үйлөр **Аламүдүн району, Орто-Сай айылы,** 5-контур дарегинде жайгашкан 0,815 га жер тилкесинде, Административдик имарат **Бишкек шаары, Куйручук, 2** дарегинде жайгашкан 0,25 га жер тилкесинде.

Каржылоо булактары: Аламүдүн району, Орто-Сай айылы, 5-контур дарегинде жайгашкан 0,815 га жер тилкесинин үлүштүк пайыздарынын эсебинен курулат төлөнүүчү чыгымдар подрядчынын эсебинен жүргүзүлөт (салык, жумушчу долбоор ж.б.).

Конкурска катышуу ниети жөнүндө арыздарды кабыл алуунун аяктоочу мөөнөтү **13.03.2024-жылы саат 17:00.**

Конкурс **14.03.2024-жылы саат 15:00дө** Таш-Дөбө айыл өкмөтүнүн административдик имаратында өткөрүлөт.

Конкурстук сунуштар конкурс өткөрүлчү күнү, белгиленген убакыттан кечиктирбестен комиссиянын жыйынында чапталган конвертте тапшырылат.

Конкурс боюнча кеңейтилген маалыматты (конкурстук талаптарды, административдик имараттын эскиздик долбоорун, жер тилкесинин топографиялык картасын ж.б.) алуу үчүн Таш-Дөбө айыл өкмөтүнүн алдындагы комиссияга кайрылыңыздар.

Байланыш телефону **0556 34-03-44.**

730 – МБанк – ВБ

Жараксыз деп табылсын

Тохтаев Рустам Хамидиллаевичке таандык Кара-Суу районунун Нариман айыл өкмөтүнө караштуу Ачы айылындагы 168-көчөнүн №90 жер тилкесинин (идент. коду: 5-04-11-1018-3309) 02.05.2023-жылы берилген сериясы: "Ч", №1186467 сандуу мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

Жараксыз деп табылсын

Баймурзаева Дилорам Дилшатбековнага таандык Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнө караштуу Сураташ айылында жайгашкан турак жайдын (идент. коду: 5-04-06-1004-2528) сериясы: "Ч", №417594 сандуу мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

Считать недействительным

Утерянное свидетельство налогоплательщицы ИП Жайылский район код ОКПО 31116328, ИНН 10305198100674 на имя **Куручбековой Асылкуль Мамытовны** считать недействительным.

П-85

Считать недействительным

Утерянное свидетельство налогоплательщика ИП Панфиловского района код ОКПО 28570176, ИНН 20101197700983 на имя **Абжалалова Радбека Акимжановича** считать недействительным. **П-80**

Считать недействительным

Утерянное свидетельство на право пользования земельной долей серии № 0070 от 28.09.1998 года по адресу: Чуйская область, Жайылский район, с. Кара-Тобо на имя **Лихолетова Александра Ивановича** считать недействительным. **П-83**

Считать недействительным

Утерянные бланки разрешения для международных перевозок от ОсОО Дизель Техник

Иран 1101374	Литва 135617; 135575,
Польша 9020703	Латвия 135321; 135320
Нидерланды 1	Турция 2х 564337
Австрия 23,27.	Казахстан 198833; 198966

считать недействительным. **МБанк**

Жараксыз деп табылсын

Бакыев Мотой Талиповичке таандык Ош шаарынын Жапалак айыл өкмөтүнө караштуу Озгур айылында жайгашкан үлүш жердин (идент. коду: 5-11-11-0024-0382) 01.01.1995-жылы берилген сериясы: № 0012, №1939 сандуу күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

Жараксыз деп табылсын

Рахматуллаев Сами Изатуллаевичке таандык Ош шаарынын 112-көчөсүндөгү №26 үйдүн (идент.коду: 5-11-09-0322-3935) 27.12.2022-жылы берилген сериясы: "Ч", №1107923 сандуу мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

Жараксыз деп табылсын

Шакирбаева Роза Абдуллаевнага таандык Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айыл өкмөтүнө караштуу Правда айылында жайгашкан үлүш жердин (идент. коддору: 5-04-04-0012-1471, 5-04-04-0012-1429, 5-04-04-0013-0171) №000882 сандуу күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

Жараксыз деп табылсын

Нурматов Руслан Орозматовичке таандык Кара-Суу районунун Мады айыл өкмөтүнө караштуу Чагыр айылындагы Чагыр көчөсүндөгү №9 үйдүн (идент. коду: 5-04-10-1011-0617) 15.06.2023-жылы берилген сериясы: "Ч", №1187521 сандуу мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

Жараксыз деп табылсын

Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаардык башкармалыгы тарабынан жеке ишкер **Балтаева Кундуз Осоровнага** берилген ИНН: 12805197210011 сандуу мамлекеттик каттоо карточкасынын түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

«Кыргыз Туусу» басма үйү | Ээси: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети | ISSN 1694-6189 | tuusu@mail.ru | gezit-tuu@mail.ru | www.kyrgyztuusu.kg

Директор – башкы редактор
ТЫНАЛИЕВ Мырзакат Кабылдама – 62-20-18
Башкы редактордун биринчи орун басары
ЖЭЭНАЛИЕВА Жыпара – 62-20-17
Жооптуу катчы
АЛЫМБЕКОВ Темирбек – 62-20-25
Жооптуу катчынын орун басары
Анара АРЗЫБАЙ кызы – 62-20-19
Коммерциялык директор
БЕДЕЛБЕК кызы Вера – 62-20-65
Экономика бөлүмүнүн башчысы
НАЗАРАЛИЕВА Нарынкүл – 62-20-66

Социалдык саясат бөлүмүнүн башчысы
СОВЕТ уулу Мелис – 62-20-31
Маданият бөлүмүнүн башчысы
ТАШТАНАЛИЕВ Болотбек – 62-20-26
Кабарчы
ОСМОНАЛИЕВА Кенже – 62-20-27
Сайт-редактору
КАЧКЫНБЕКОВА Айгерим – 0705 23-63-27
Сайт-менеджер
КОЗУБАЕВА Наргиза – 0550 24-09-14
Жарнама бөлүмү:
Алемсеитова Эльвира – 62-20-29
тел/факс: **62-20-29, 0508 07-07-20,** gezit-tuu@mail.ru
КАЗАКБАЕВА Наргиза – 62-20-29
БОЛОТБЕК кызы Аида – 0778 24-39-55

Бухгалтерия – 62-20-51, 62-20-52

Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча координатор СОПУБЕКОВ Баатырбек – 0778 44-48-61

Өз кабарчылар
Ош – **АБДЫРАЗАКОВ Төлөнбай – 0773 79-21-17**
Баткен – **ТАЖИБАЕВА Гүлчехра – 0773 12-40-13**
Ысык-Көл – **ТҮРК Жээнбай – 0772 52-78-52**
Чүй – **ЖУМАГУЛОВ Болот – 0550 28-06-51**
Талас – **ИМАНКУЛОВ Козубек – 0702 65-59-05**
Нарын – **СУЛТАНОВ Тынчылык – 0700 71-85-84**

«R» белгиси бар материалдар жарнама иретинде жарыяланган.
Кол жазмалар жана сүрөттөр кайтарылбайт.

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.

Гезиттин индекси: 68416
Жарнамалар жарнама берүүчүнүн каалоосу боюнча кыргыз, орус тилдеринде жарыяланат.

Гезит шейшемби, жума күндөрү чыгат.


«Принт Мастер» ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек ш., Анкара көчөсү, 1 «Б»

Буйрутма № 197 Нускасы 4534

Басууга 12.02.2024-жылы, саат 19.00дө жөнөтүлдү.

Реквизиттер:
ИНН 01012199310063
р/с 1033020000141306
Банк: Филиал «Мбанк Азия Мол» ОАО Коммерческий банк Кыргызстан
БИК: 103030
Код ГНИ: 004 УГНС Первомайского района

Биздин дарек: **720040. Бишкек шаары, Т.Абдумомунов көчөсү, 193.**
факс: **62-20-52.**
Электрондук дарек:
e-mail: **tuusu@mail.ru**
www.kyrgyztuusu.kg



Жакшы жөрөлгө

14-февраль – Китеп белекке берүү күнү

14-февралда белекке китеп берүүнүн эл аралык күнү белгиленет. Бул күнү китептер жаңы окурмандарын таап, китепкөйлөр бири-бирине кубаныч тартуулашат.

МЕКТЕП – жаш муундарды окутуп тарбиялоого чакырган билим берүү мекемеси. Мектепте 45 мугалим 565 окуучуга билим берип эмгектенет.



Ош облусунун Ноокат районунун Камбаралы Бобулов атындагы Баргы орто мектебинин мугалимдер жамааты

Мектепте байма бай ар түрдүү иш-чаралар өтүп турат. Окуучулардын ийгилиги мугалимдин эмгегинин үзүрү. Мектебибиздин окуучулары олимпиадага катышып облуска жолдомо алышты. Орус тили мугалими Бербаева К., кыргыз тили мугалими Кожомбердиева А., тарых мугалими Бакирова Г., англис тили мугалими Шамурзаева М., информатика мугалими Токтосунова Бурул эжекелерге да иштерине ийгилик каалайбыз. Жакынкы күндө мектебибизде 14-февраль китеп күнүнө карата дагы да кезектеги иш-чарабыз өткөрүлөт деп турабыз. Мектеп жамаатына дайыма ийгиликтерди гана каалап кетебиз.

14-февраль эмнеге китепти белекке берүү күнү болуп эсептелинет?

Китеп берүү күнүнүн идеясы мектеп китепканачысы, блогер, балдар китептери сайтынын негиздөөчүсү, үч баланын энеси, америкалык Эмми Бродмурга таандык. Тагыраагы, Эмминин кичинекей уулу апасынан: «– Эмне үчүн адамдар бири-бирине китеп берген өзгөчө күн жок?» – деп сурап, мындан улам 2012-жылдын дал ушул күнү апасы уулунун кыялын орундатуу үчүн социалдык тармактагы досторун бул өнөктүккө катышууга чакырык таштаган кайрылуу жарыялаган.

Камбаралы Бобулов атындагы Баргы орто мектебинин мыкты окуучулары



Китептин байыркы тарыхы

Китеп (ар. كتاب — жазма) — 1) көлөмдүү басылма; 2) маалыматты сактоонун, аны муундан-мууна өндүрүмдүү өткөрүп берүүнүн бир формасы. Илим-билим, маданият, адабий-көркөм чыгармаларды жайылтуунун, сактоонун маанилүү каражаты. Ал коомдук мааниге ээ.

Алгачкы китепти байыркы вавилондуктар, ассириялыктар ылайдан жасашкан. Алар жумшак ылай тактачага учтуу таякча менен өзгөчө белгилерди чийип жазышкан. Андан кийин тактачаны кургатып, отко бышырышкан. Мындай ылай тактачалардан китептер түзүлгөн. Ал эми Кытайда алгачкы китептер бекем жипке кабатталып өткөрүлгөн жука бамбук тактачалар түрүндө болгон. Кийинчерээк кытайлар кыл калемди тушка малып, жибекке жазышкан. Байыркы Египетте таш такталарга чегип, китеп жазышкан. Кийин алар папирусту ойлоп табышкан. Камыштын сөңгөгүн жалпайтып таптап, бири-бирине улаштырып, узундугу ондогон метрге жеткен тасма жасашкан. Жазуу жазылган мындай тасманы түтүк кылып ороп сакташкан. Египет папирусу ошол кездеги эң мыкты жазуу каражаты катары Байыркы Греция менен Римде да дээрлик 2 миң жыл пайдаланылган.



МАМАЕВА Аэлита

10-кл. кыргыз тили сабагынан райондук олимпиаданын жеңүүчүсү жана облустук олимпиадага жолдомо алды.



БАЙМАТОВ Азизбек

10-кл. информатика сабагынан райондук олимпиаданын катышуучусу



АРАПБАЕВА Малика

10-кл. орус тили сабагынан райондук олимпиаданын катышуучусу



ЮСУПОВА Самира

Катрин 10-кл. англис тили сабагынан райондук олимпиаданын катышуучусу



МУРЗАШЕВ Нурбек

10-кл. тарых сабагы боюнча райондук олимпиаданын катышуучусу